**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2010-жылдын I чейреги

**2010-жылдын апрель айы**

**Бишкек**

*Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

Редакциялык кеңеш:

Төрага: Абдыбалы тегин С.
Кеңештин мүчөлөрү: Урустемов С.А.
Исакова Г.А.
Айдарова А.К.

Жооптуу катчы: Аманов Б.К.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-59 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы
bavanov@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.кg

Басылма республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2010-жылдын 26-апрели.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет Министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

ЖЧК “Next Print” басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2010-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чыгарылуучу «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Аталган басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматтарды, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***
Басылма Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Чейрек сайын - январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө финансылык ортомчу катары иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү, аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Басылма коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды берип туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда бир жума ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

МАЗМУНУ

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ....................................5

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш...........................5
1.1.1. Суроо-талап......................................................................................................................5
1.1.2. Сунуш..............................................................................................................................10
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар..................................................................................11
1.3. Тышкы экономикалык шарттар.............................................................................................16
1.4. Валюта курсу.............................................................................................................................20

2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР.......................................................................22

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына анализдөөлөр..........................................22
2.1.1. Азык-түлүк товарларына карата баалардын динамикасы................................................23
2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын динамикасы..............................................25
2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баалардын динамикасы.................................................................26
2.1.4. Аймактардагы керектөө бааларынын динамикасы.........................................................26
2.2. Базалык инфляция.....................................................................................................................27

3-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ ..............................................................................................29

3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери...................................................................29
3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери.................................29

4-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДОО................................................................31

4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасын болжолдоо.........................................31
4.2. Инфляциянын 2010-жылга жана 2010-жылдын II чейрегине карата болжолдоолору...........34

СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ..................................................................................................38

ГЛОССАРИЙ.................................................................................................................................42

КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ..............................................................................45

# 1-глава. Кыргыз Республикасындагы экономикалык абал

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

2010-жылдын январь-март айларында алдын-ала алынган маалыматтар боюнча ИДПнын көлөмү 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги ИДПнын көлөмүнө салыштырганда, реалдуу мааниде 16,4 пайызга көбөйүү менен (2009-жылдын январь-март айларында ИДП 1,3 пайызга кыскарган) күндөлүк баада 38,8 млрд. сомду түзгөн.

Экономикалык өсүштүн мындай арымга жетишүүсү негизинен, өтүп жаткан жылдын биринчи чейрегинде алтындын арбын казылып алынышынан (ИДПнын өсүшүнүн 45 пайызга жакын олуттуу үлүшү «Кумтөрдө» алтын казып алуунун көлөмүнүн пландуу көбөйүүсү менен шартталган), ошондой эле өнөр жайынын начарлоосунан жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү жалпы басаңдоодон («төмөнкү базанын» эффектиси) улам түптөлгөн, өткөн жылдагы экономиканын өсүш арымынын төмөн болушу менен шартталган.

2009-жыл ичиндеги чыгашалардын түрү боюнча ИДПнын түзүмүндөгү өзгөрүүлөр да, чогуу алгандагы суроо-талаптын акырындап калыбына келип жаткандыгы тууралуу маалымдайт. Алсак, 2009-жылдагы алдын-ала алынган маалыматтар боюнча[1] түпкү керектөөгө кеткен чыгашалар бүтүндөй алганда жыл ичинде 2,6 пайызга кыскарган. Ошондой болсо да, 2009-жылдын үчүнчү жана төртүнчү чейректеринде түпкү керектөөгө кеткен чыгашалар тиешелүүлүгүнө жараша 2,3 жана 2,5 пайызга көбөйгөн. Ошентип, аймакта орун алган алгылыксыз экономикалык конъюнктура 2009-жылы керектөөгө суроо-талаптын төмөндөөсүнүн негизги себептеринен болгон, анын жеткен чеги 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгына туура келген.

**1.1.1-таблица. Чыгашалардын түрү боюнча ИДПнын реалдуу өсүш арымы**
*(чейрек/мезгил өткөн жылдын тиешелүү чейрек/мезгилине карата, пайыздарда)*

| | 2008 | | | | 2008 | 2009 | | | | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | | I | II | III | IV | |
| **Колдонулган ИДП** | **6,7** | **8,5** | **6,7** | **11,2** | **8,4** | **-1,3** | **-2,1** | **4,5** | **5,1** | **2,3** |
| Түпкү керектөө | 16,5 | 16,7 | 6,6 | 7,0 | 10,8 | -7,9 | -9,9 | 2,3 | 2,5 | -2,6 |
| Жекече керектөө | 17,5 | 18,1 | 6,8 | 7,4 | 11,5 | -8,8 | -11,4 | 1,9 | 2,8 | -3,2 |
| Үй чарбасы | 20,0 | 21,0 | 7,7 | 9,3 | 13,4 | -9,8 | -13,0 | 1,9 | 2,8 | -3,7 |
| ҮЧТКУ | -11,8 | -11,1 | -7,5 | -23,1 | -14,4 | -0,2 | 1,5 | 1,0 | 3,1 | 1,5 |
| Мамлекеттик мекемелердики | 0,8 | 1,4 | 0,0 | 0,6 | 0,7 | 0,0 | 1,1 | 1,8 | 2,5 | 1,5 |
| Жамааттык пайдалануу | 1,4 | 0,1 | 2,0 | 4,0 | 2,3 | 6,7 | 7,0 | 8,6 | 0,4 | 5,0 |
| Дүң топтоо | 10,9 | 5,8 | 22,3 | 12,5 | 13,9 | -51,1 | -52,5 | -26,6 | -25,1 | -34,3 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту | 38,0 | 29,7 | 26,7 | -0,4 | 21,2 | -33,7 | -55,9 | -47,5 | -30,5 | -42,3 |
| Экспорт | -13,2 | 1,1 | 1,1 | 40,2 | 9,1 | 6,6 | 8,7 | -7,1 | -16,5 | -4,6 |
| Импорт | 6,4 | 12,5 | 8,7 | 23,8 | 13,6 | -14,2 | -22,6 | -21,8 | -21,5 | -20,5 |

*Булагы УСК*

[1] Мында жана мындан ары: өткөн мезгилге карата шилтемелер 2010-жылдын биринчи чейреги үчүн маалыматтардын жоктугу менен шартталган.

2010-жылдын январь-март айларында ИДПнын дефлятору 103,5 пайызды түзгөн.

**1.1.2-таблица. ИДПнын дефляторунун түзүмү**
*(жыл башынан тартып, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыздарда)*


| | 2009 | | | | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | I |
| **Ички дүң продукт** | **109,3** | **107,9** | **101,9** | **102,1** | **103,5** |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 104,2 | 102,8 | 91,5 | 91,5 | 98,6 |
| Тоо-кендерин казып алуу өнөр-жайы | 121,5 | 124,5 | 122,7 | 117,5 | 105,1 |
| Кайра иштетүүчү өнөр жайы | 96,9 | 103,9 | 101,7 | 107,3 | 110,3 |
| Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 139,4 | 132,1 | 131,7 | 126,4 | 149,5 |
| Курулуш | 117,0 | 111,9 | 109,0 | 107,0 | 105,7 |
| Соода, ремонт | 111,4 | 107,3 | 104,2 | 103,0 | 102,7 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 116,6 | 112,1 | 108,3 | 105,6 | 100,4 |
| Транспорт жана байланыш | 123,3 | 120,1 | 117,2 | 115,1 | 108,4 |
| Финансы ишкердүүлүгү | 110,3 | 91,5 | 90,8 | 88,9 | 95,8 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | 110,8 | 110,1 | 109,5 | 107,2 | 101,2 |
| Мамлекеттик башкаруу | 147,9 | 137,5 | 131,6 | 135,5 | 95,4 |
| Билим берүү | 133,9 | 137,9 | 123,4 | 116,2 | 89,9 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызмат көрсөтүүлөр | 84,0 | 86,6 | 82,4 | 81,0 | 88,8 |
| Коммуналдык жана жеке кызмат көрсөтүүлөр | 131,2 | 126,4 | 122,2 | 120,0 | 109,2 |
| Азык түлүккө таза салыктар | 86,8 | 85,9 | 87,1 | 86,5 | 94,5 |

*Булагы: УСК*

2010-жылдын январь айында реалдуу эмгек акынын өсүшү алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги 5,0 пайызга караганда, 10,4 пайызды түзгөн.

Калайык-калктын кирешелеринин дифференциациясы мурдагыдай эле, жогору бойдон сакталып калган. Калктын 20 пайыздык топтору боюнча акчалай кирешелеринин жалпы көлөмүн бөлүштүрүү жогорку кирешелүү топтордун пайдасына түптөлгөн. Алсак, кыйла камсыз болгон топтордун кирешелеринин үлүшү 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 0,6 п.п. төмөндөө менен 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча калктын кирешелеринин жалпы көлөмүнүн 38,6 пайызын түзгөн. Ал эми калктын кыйла начар камсыз болгон 20 пайыздык топторунун кирешесинин үлүшү 2,0 п.п. өсүү менен 8,2 пайыз чегинде түптөлгөн.

**1.1.1-сүрөт. Калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмү**
*(жыл башынан тартып, пайыздар)*




Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2010-жылдын январь-март айларында жеке адамдардын которуулар системасы боюнча акча каражаттарынын агылып кирүүсүнүн өсүшү катталган. 2010-жылдын январь-март айларындагы таза агылып кирүүнүн жалпы көлөмү 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 45,4 млн. АКШ долларына же 30,9 пайызга өскөн.

**1.1.3-таблица. Которуулар системасы боюнча жеке адамдардын акчалай которуулары***
*(млн. АКШ долл.)*

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2009-ж. янв-март | 2010-ж. янв-март |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **430,3** | **625,5** | **1 138,2** | **893,2** | **146,8** | **192,2** |
| **Агылып кирүүлөр** | **470,0** | **688,2** | **1 205,5** | **966,7** | **160,8** | **211,3** |
| КМШ өлкөлөрү | 436,7 | 648,8 | 1 141,4 | 894,4 | 144,0 | 198,0 |
| Казакстан | 0,0 | 7,0 | 27,9 | 31,4 | 4,9 | 5,5 |
| Россия | 436,6 | 641,8 | 1 113,5 | 862,9 | 139,0 | 192,4 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 33,4 | 39,4 | 64,1 | 72,3 | 16,9 | 13,3 |
| Бельгия | 0,0 | 0,1 | 0,5 | 0,5 | 0,2 | 0,1 |
| Улуу Британия | 0,9 | 0,9 | 1,8 | 1,4 | 0,3 | 0,3 |
| Германия | 0,0 | 0,1 | 0,2 | 0,7 | 0,1 | 1,7 |
| АКШ | 32,2 | 38,3 | 61,4 | 69,5 | 16,2 | 11,2 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,0 | 0,2 | 0,3 | 0,1 | 0,0 |
| **Агылып чыгуулар** | **39,7** | **62,7** | **67,3** | **73,6** | **14,0** | **19,1** |
| КМШ өлкөлөрү | 38,5 | 60,2 | 65,0 | 71,8 | 13,7 | 18,6 |
| Казакстан | 0,0 | 0,2 | 2,5 | 0,7 | 0,1 | 0,0 |
| Россия | 38,4 | 60,0 | 62,5 | 71,1 | 13,6 | 18,6 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,2 | 2,5 | 2,3 | 1,8 | 0,4 | 0,5 |
| Бельгия | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,2 | 0,0 | 0,1 |
| Германия | 0,0 | 0,2 | 0,4 | 0,4 | 0,0 | 0,0 |
| АКШ | 1,1 | 2,1 | 1,7 | 1,1 | 0,3 | 0,2 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,0 | 0,1 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Сибконтакт, Быстрая почта, Аллюр ж.б. которуу системалары жана “Кыргызпочтасы” МИ аркылуу которуулар.

**алдын-ала алынган маалыматтар.


Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала берген маалыматтары боюнча, мамлекеттик бюджеттин профицити 2010-жылдын биринчи чейрегинде 1,1 млрд. сомду же ИДПга карата 2,8 пайызды түзгөн (2009-жылдын ушул эле мезгилинде мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 352,1 млн. сом же ИДПга карата 1,1 пайызды түзгөн). Мында, Кыргыз Республикасынын №142 «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы келишимди ратификациялоо жөнүндө» мыйзамы кабыл алынгандан кийин 2009-жылдын 30-апрелинен тартып, Кумтөрдүн дүң кирешесине салына баштаган салыктан түшкөн каражаттарды эске алуусуз, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 707,2 млн. сом же ИДПга карата 1,8 пайыз чегинде катталган.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге жалпы чыгашалары 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 2,8 млрд. сомго же ИДПга карата 2,2 п.п. көбөйүү менен 12,0 млрд. сомду же ИДПга карата 30,9 пайызды түзгөн. Күндөлүк керектөөгө бюджеттик чыгашалардын көбөйүү тенденциясы уланууда. Алсак, эмгек акыга чыгашалар жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусуна, ошондой эле социалдык жөлөк пулдарга чегерүүлөр 2010-жылдын биринчи чейрегинде операциялык иштерге мамлекеттик чыгашалардын жалпы көлөмүнүн 49,7 пайызын түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, финансылык эмес активдерди сатып алуу операциялары боюнча акча каражаттарынын агылып чыгуусу 792,8 млн. сом чегинде катталган, бул 2009-жылдын биринчи чейрегиндегиге караганда 10,4 пайызга төмөн.

Мамлекеттик бюджеттин кирешелери же алынган расмий трансферттери 13,9 млрд. сомду же ИДПга карата 35,8 пайызды түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда өсүш 41,9 пайыз чегинде катталган. Мында, мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин алгылыктуу өсүш арымы көбүнчө, Кумтөрдүн дүң кирешесине салыктан 1,8 млрд. сом өлчөмүндө акча каражатынын түшүүсү менен камсыз болгон.

**1.1.2-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(жыл башынан тартып)*



Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 19,8 пайызга көбөйүү менен 2010-жылдын январь-март айларында 4,7 млрд. сомду түзгөн. Анын ичинде, негизги капиталга инвестициялардын көлөмү каржылоонун ички булактарынын эсебинен 1,4 эсеге өскөн. Негизги капиталга инвестициялардын бир кыйла үлүшү 2010-жылдын биринчи чейрегинде электрэнергиясын, газды жана сууну (22,2 пайыз) өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагына, ошондой эле транспорт жана байланыш тармагына (20,5 пайыз) туура келген.

**1.1.4-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**
*(пайыздар)*

| | млн. сом | | жыйынтыгына карата пайыздар | |
|---|---|---|---|---|
| | 2009-ж. янв-март | 2010-ж. янв-март | 2009-ж. янв-март | 2010-ж. янв-март |
| **Бардыгы** | **3 715,1** | **4 699,5** | **100,0** | **100,0** |
| **Ички инвестициялар** | **2 680,0** | **3 863,5** | **72,1** | **82,2** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каражаттар) | 483,8 | 101,4 | 13,0 | 2,1 |
| Жергиликтүү бюджет | 31,9 | 50,1 | 0,9 | 1,1 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 820,1 | 869,2 | 22,1 | 18,5 |
| Банктын кредити | 5,5 | 905,3 | 0,1 | 19,3 |
| Калктын каражаты | 1 338,7 | 1 937,5 | 36,0 | 41,2 |
| **Тышкы инвестициялар** | **1 035,1** | **836,0** | **27,9** | **17,8** |
| Чет өлкө кредити | 776,5 | 535,1 | 20,9 | 11,4 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 181,6 | 230,7 | 4,9 | 4,9 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 77,0 | 70,2 | 2,1 | 1,5 |


*Булагы: УСК*

Коммериялык банктардын кредит портфелинин көлөмү кароого алынып жаткан жылдын март айынын акырына карата 2009-жылдын башталышына салыштырганда 3,2 пайызга көбөйүү менен 26,0 млрд. сомду түзгөн (ушул эле көрсөткүч 2009-жылы 0,6 пайызды түзгөн). Экономиканы кредиттөөнүн өсүшүнүн негизги себеби, өлкөдө жана аймакта белгиленген экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келиши болгон.

**1.1.5-таблица. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**

| | 2009-ж. янв-март | | 2010-ж. | | 2010-ж. янв-март | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 9 352,1 | 1,3 | 10 457,7 | 13,2 | 11 099,3 | 6,1 |
| Айыл чарбасы | 3 056,1 | 4,1 | 3 084,3 | 5,1 | 3 338,0 | 8,2 |
| Өнөр жайы | 1 551,5 | 5,9 | 1 388,8 | -5,2 | 1 378,3 | -0,8 |
| Ипотека | 3 576,6 | -0,5 | 3 087,9 | -14,1 | 2 997,0 | -2,9 |
| Курулуш | 2 559,1 | 5,3 | 1 950,3 | -19,8 | 1 971,7 | 1,1 |
| Керектөө кредиттери | 1 945,8 | -8,2 | 2 028,0 | -4,3 | 1 962,8 | -3,2 |
| Жана башкалар | 3 726,4 | -2,7 | 3 217,4 | -16,0 | 3 268,4 | 1,6 |
| **Кредиттик портфели** | **25 767,5** | **0,6** | **25 214,3** | **-1,5** | **26 015,6** | **3,2** |

**1.1.3-сүрөт. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**
*(бир мезгилдин акырына карата)*




## 1.1.2. Сунуш

2010-жылдын январь-март айларында белгиленгендей эле, өнөр жай, курулуш, транспорт жана байланыш тармактары ИДПнын өсүшүнө негизги салым кошушкан. Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү чогуу алгандагы сунуштоонун көлөмү кайра иштетүүчү өнөр жай продукциясы менен 20,7 пайызга, соода менен – ИДПнын жалпы көлөмүнөн 16,5 пайызга, транспорт жана байланыш тармактары менен 12,3 пайызга жана айыл чарбасында 10,5 пайызга камсыз болгон.

**1.1.6-таблица. ИДПнын өсүшүнө/ төмөндөшүнө иштин өзүнчө түрлөрүнүн салымы**

| | 2009-ж. янв-март | | 2010-ж. янв-март | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң продукт** | **-1,3** | **-1,3** | **16,4** | **16,4** |
| Дүң кошулган нарк | -1,3 | -1,1 | 16,4 | 14,2 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 1,8 | 0,2 | 2,4 | 0,3 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 10,6 | 0,1 | -5,1 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | -18,8 | -2,9 | 104,7 | 11,6 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | -22,3 | -0,7 | 16,5 | 0,5 |
| Курулуш | -15,6 | -0,5 | 35,1 | 1,0 |
| Соода, ремонт | 4,2 | 0,8 | 0,9 | 0,2 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 4,5 | 0,1 | 2,4 | 0,0 |
| Транспорт жана байланыш | 12,9 | 1,3 | 4,9 | 0,6 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 9,6 | 0,1 | 4,4 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | 4,2 | 0,2 | 1,4 | 0,1 |
| Мамлекеттик тескөө | 4,1 | 0,2 | -1,0 | -0,1 |
| Билим берүү | 1,2 | 0,1 | -0,2 | 0,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | -0,4 | 0,0 | -0,2 | 0,0 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | -0,4 | 0,0 | -3,7 | -0,1 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | -1,3 | -0,2 | 16,4 | 2,2 |

*Булагы: УСК*

Өнөр жайдын физикалык көлөмүнүн индекси 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги 80,8 пайызга караганда, кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде 178,8 пайыз чегинде түптөлгөн. Өнөр жайынын өсүшү «Кумтөр» алтын кенин иштеп чыгуучу ишканаларда сыяктуу эле, алтын казып албаган ишканаларда да белгиленген. Алсак, өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү 2010-жылдын январь-март айларында «Кумтөр» ишканасын эске албаганда, 143,8 пайызды түзгөн.

Өнөр жай продукциясынын көлөмүнүн өсүшү, металлургия өндүрүшүндө жана даяр металл буюмдарынын (2,6 эсеге) жана башка металл эмес минералдык продуктулар өндүрүшүндө (4,1 эсеге), текстиль жана тигүү өндүрүшүндө (152,2 пайыз), тамак-аш өнөр жайында (112,8 пайыз), ошондой эле электрэнергиясын, сууну жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү өндүрүшүндө (116,5 пайыз) катталган олуттуу өсүштүн эсебинен жетишилген.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде соода операцияларынын жүгүртүлүшү көбүнчө дүң (0,5 пайызга) жана чекене (1,2 пайызга) соода көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен 0,6 пайызга көбөйгөн.

**1.1.7-таблица. Соода операцияларынын түзүмү жана динамикасы**

| | 2009-ж. янв-март | | 2010-ж. янв-март | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **104,1** | **100,0** | **100,6** |
| Авто жана мото техникаларын, тетиктерин сатуу | 3,5 | 107,8 | 3,6 | 99,8 |
| Техникалык жактан тейлөө жана авто ремонт | 0,5 | 110,6 | 0,5 | 110,9 |
| Мотор майлары менен чекене сатуу | 6,4 | 129,6 | 7,8 | 96,8 |
| Дүң соода | 36,8 | 101,4 | 36,0 | 100,5 |
| Чекене соода | 52,5 | 102,0 | 51,8 | 101,2 |
| Тиричилик буюмдарын ремонттоо | 0,2 | 106,6 | 0,2 | 92,2 |

*Булагы: УСК*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

Акча базасы 2010- жылдын биринчи чейрегинде 4,2 пайызга төмөндөө менен ушул эле жылдын 1-апрелине карата 39,4 млрд. сомду түзгөн (2009-жылдын биринчи чейрегинде акча базасынын азаюусу 14,3 пайызды түзгөн). Жылдык мааниде акча базасы 32,9 пайызга көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде акча базасынын өзгөрүүсүнө (-1,7 млрд. сом) көбүнчө акча базасын 2,1 млрд. сомго чейин азайткан Улуттук банктын операциялары таасирин тийгизген, ошол эле учурда Өкмөттүн операциялары акча базасын 426,3 млн. сомго көбөйткөн (2009-жылдын биринчи чейрегинде акча базасынын азаюусу 5,4 млрд. сомду түзгөн мында, Улуттук банктын операциялары акча базасын 5,5 млрд. сомго азайткан, ал эми Өкмөттүн операциялары 89,9 млн. сомго көбөйткөн).

Жүгүртүүдөгү акча 2010-жылдын биринчи чейрегинде 3,4 пайызга төмөндөө менен ушул эле жылдын 1-апрелине карата 34,5 млрд. сом чегинде түптөлгөн (2009-жылдын биринчи чейрегинде, азаюу 16,3 пайызды түз-

гөн). Жүгүртүүдөгү акчанын өсүшү жылдык эсептөөдө 33,9 пайыз чегинде катталган.

Акча базасынын түзүмүндө 2010-жылдын башталышына салыштырганда ушул эле жылдын март айынын акырында жүгүртүүдөгү нак акчанын үлүшүнүн 87,0 пайыздан 87,7 пайызга чейин көбөйүүсү жүргөн.

**М2 акча топтому**

М2 акча массасы кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде 1,7 пайызга азаюу менен ушул эле жылдын 1-апрелине карата 42,8 млрд. сом чегинде катталган (2009-жылдын биринчи чейргинде М2 акча массасынын азаюусу 17,5 пайызды түзгөн). Жылдык мааниде акча массасынын өсүшү 35,7 пайыз чегинде түптөлгөн.

М2 акча топтомунун азаюусу улуттук валютадагы депозиттердин 6,2 пайызга, анын ичинде башка (мөөнөттүү) депозиттердин 16,5 пайызга, которулма (талап боюнча) депозиттердин 0,8 пайызга көбөйүүсү учурунда, банктардан тышкаркы акчалардын 3,9 пайызга кыскаруусу менен шартталган.

**М2Х акча топтому**

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган, кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы 2010-жылдын биринчи чейрегинде 1,4 пайызга төмөндөө менен 2010-жылдын 1-апрелине карата 56,3 млрд. сомду түзгөн (2009-жылдын тиешелүү мезгилинде М2Х акча топтомунун азаюусу 15,1 пайыз чегинде катталган); кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы жылдык мааниде тескерисинче, 37,0 пайызга көбөйгөн.

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын өзгөрүүсү депозиттердин жалпы көлөмүнүн[1] 2,3 пайызга көбөйүүсү учурунда, банктардан тышкаркы акчалардын 3,9 пайызга кыскаруусунун эсебинен жүргөн, мында улуттук валютадагы депозиттердин көбөйүүсү 6,2 пайызды түзгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер 0,5 пайызга азайган (2009-жылдын биринчи чейрегинде М2Х өзгөрүүсү банктардан тышкаркы нак акчалардын 16,3 пайызга, ал эми депозиттердин жалпы көлөмүнүн 13,3 пайызга азаюусунун эсебинен байкалган).

М2Х акча массасынын түзүмү 2010-жылдын башталышына салыштырганда, ушул эле жылдын март айынын акырына карата төмөнкүчө өзгөргөн:


– банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 59,3 пайыздан 57,8 пайызга чейин азайган;
– улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 16,8 пайыздан 18,1 пайызга чейин көбөйгөн;
– чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 23,9 пайыздан 24,1 пайызга чейин көбөйгөн.

[1] Банк тутумунун аналитикалык балансынын маалыматтары боюнча өзүнө жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттерин, ошондой эле финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин камтыйт, мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

Финансы ортомчулугунун деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын мультипликатору жыл башына салыштырганда көбөйүү менен 2010-жылдын 1-апрелине карата 1,431 чегинде катталган (2010-жылдын 1-январына карата – 1,391).


М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын жүгүртүү ылдамдыгы кароого алынып жаткан жылдын 1-апрелине карата жыл башынан тартып өзгөрүүсүз калган жана 4,2 чегинде түптөлгөн. М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монеттештирүү коэфициенти жыл башынан тартып өзгөргөн эмес жана 2010-жылдын 1-апрелине карата 23,9 пайызды түзгөн.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**





Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде финансы рыногундагы жагдай, мурдагыдай эле коммерциялык банктардагы үстөк камдардын деңгээлинин өзгөрүүсүнүн таасири астында калыптанган. Банктарда орун алган жогорку ликвиддүүлүктүн алкагында, мамлекеттик баалуу кагаздарга карата суроо талап жогору бойдон сакталып калган, ал эми банктар аралык карыздык ресурстарга карата төмөндөгөн.

**1.2.2-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**



Кароого алынып жаткан жылдын январь-март айларында Улуттук банк өз ноталарын сатуунун көлөмүн өзгөрүүсүз калтыруу менен аларды банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүктү алып салуу боюнча акча-кредит саясатынын инструменти катары пайдалануусун улантткан. Ошол эле учурда, ноталарга суроо-талап айрым коммерциялык банктардагы ликвиддүүлүк деңгээлинин өзгөрүүсүнө жараша өзгөрүп турган. Натыйжада, ноталардын кирешелүүлүк динамикасы кароого алынып жаткан мезгил ичинде ар тараптуу мүнөзгө ээ болгон. Ошондой болсо да, бүтүндөй алганда бул рыноктун бардык сегменттеринде кирешелүүлүктүн төмөндөөсү белгиленген. Жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү 2009-жылдын төртүнчү чейрегиндеги алардын кирешелүүлүгүнө салыштырганда 0,9 п.п., 0,4 пайызга чейин, Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталарыныкы – 0,9 п.п., 0,6 пайызга чейин, ал эми 28 күндүк ноталар сегментинде – 0,7 п.п., 1,0 пайызга чейин төмөндөгөн. 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгү 7,6 п.п., жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталарыныкы – 11,3 п.п., ал эми 28 күндүк ноталарыныкы 12,6 п.п азайган. Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 91 жана 182 күндүк ноталарын жайгаштыруу боюнча аукциондор өткөрүлгөн эмес.

**1.2.3-сүрөт. Улуттук банктын кирешелүүлүк динамикасы**





Акыркы төрт аукциондо калыптанган, Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн орточо мааниси катары аныкталган эсептик чен, март айынын акырына карата 0,9 пайызды түзүү менен дээрлик өзгөргөн эмес. «Овернайт» кредити боюнча чен бир мезгилдин акырына карата 1,0 пайыз чегинде катталган. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк, коммерциялык банктарга 1,0 пайыз орточо чендеги 550,0 млн. сом жалпы суммасында «овернайт» кредитин берген.

Финансы министрлиги биринчи чейректе МКОлорду сунуштоонун ар жумалык көлөмүн өзгөрүүсүз калтырган. Мында, инвесторлордун бул баалуу кагаздарга болгон кызыгуусу дале болсо төмөн бойдон калган, ал

эми аукциондордун катышуучуларынын саны 6 дан ашкан эмес. Ошол эле учурда, рыноктун негизги катышуучуларынын биринин чыгып кетиши МКОлорго карата жалпы суроо-талаптын төмөндөөсүнө таасирин тийгизген. Бүтүндөй алганда 2010-жылдын январь-март айларынын ичинде 12,0 пайыз (+2,9 п.п.) орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү менен 285,7 млн. сом жалпы суммасындагы МКО жайгаштырылган.

МКВлардын биринчилик рыногунда эмитент, МКВларды жайгаштыруунун көлөмүн кыйла кыскарткан, ошол эле учурда аларга карата суроо-талап өткөн чейректегиге салыштырганда байкаларлык өскөн. Натыйжада, бүтүндөй чейрек ичинде МКВлардын кирешелүүлүгү төмөндөгөн. Март айынын акырында гана айрым банктардагы ликвиддүүлүктүн өзгөрүүсүнө байланыштуу суроо-талаптын бир аз төмөндөөсү байкалган бул, ошол мезгилде МКВлардын кирешелүүлүгүнүн бир аз өсүшүнө алып келген. МКВлардын орточо салмактанып алынган жалпы кирешелүүлүгү бир мезгил ичинде өткөн чейректеги көрсөткүчкө салыштырганда 5,8 пайызды түзүү менен 0,8 п.п. чегинде түптөлгөн бул, 2009-жылдын акырында МКВлардын (көбүнчө жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВлардын) кирешелүүлүгүнүн байкаларлык жогорулашы менен шартталган. Алсак, жүгүртүү мөөнөтү 3 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү 1,7 пайызды түзүү менен 0,9 п.п., жүгүртүү мөөнөтү 6 айлык МКВлар 0,1 п.п., 4,2 пайызга чейин азайган, ал эми 12 айлык МКВлардын орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү 5,8 пайыздан 7,0 пайызга чейин өскөн. МКВлардын кирешелүүлүгүнүн жалпы көлөмү 2009-жылдын тиешелүү чейрегиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 13,5 п.п. төмөндөгөн, кирешелүүлүктүн азаюусу рыноктун бардык сегменттеринде байкалган.

**1.2.4-сүрөт. МБКнын кирешелүүлүк динамикасы**




Кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунда коммерциялык банкардын жигердүүлүгү банктардагы ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлинде сакталып калышынан улам, анчалык жогору эмес бойдон калган. Улуттук валютадагы бардык бүтүмдөр репо-операциялар сегментинде ке-

лишилген, алардын чендери көбүнчө акча рыногунун башка сегменттериндеги эсептик чендин жана чендин өзгөрүүсүнүн таасиринен улам төмөндөөсүн уланткан. Репо операцияларынын жалпы көлөмү өткөн чейректеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 38,6 пайызга кыскаруу менен 2010-жылдын биринчи чейрегинде 1 290,3 млн. сомду түзгөн, ал эми алар боюнча орточо салмактанып алынган чен 1,3 п.п., 2,1 пайызга чейин төмөндөгөн.

Ички банктар аралык кредит рыногунда чет өлкө валютасындагы операциялар сегментинде 1,0 пайыз чени менен бир бүтүм келишилген, бул өткөн чейректеги ушул көрсөткүчтүн орточо салмактанып алынган маанисинен 2,7 п.п. төмөн.

Кароого алынып жаткан чейрек ичинде Улуттук банк, МКВ(ж)ны репо шартында сатуу боюнча аукциондорду, ошондой эле коммерциялык банктар менен операцияларды өткөргөн эмес. Коммерциялык банктар Улуттук банктагы мөөнөттүү депозиттик эсептерге каражаттарын жайгаштырышкан эмес.

## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар


**Соода балансы**

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги таза экспорттун көрсөткүчүнө салыштырганда 46,5 пайызга кыскаруу менен 2010-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча 156,4 млн. АКШ долларын түзгөн.

Тышкы соода жүгүртүү[1] 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги товар жүгүртүүдөн 26,2 пайызга артуу менен кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде 1 124,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде товар жүгүртүүнүн өсүшүнө негизги салым көлөмү, 184,8 млн. АКШ долларына (61,7 пайызга) чейин өскөн экспорттук операциялар менен камсыз болгон, ошол эле учурда ФОБ баасындагы импорт 49,1 млн. АКШ долларына (8,3 пайызга) көбөйгөн. КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүү 526,2 млн. АКШ долларын түзүү менен 11,3 пайызга, ал эми алыскы чет өлкөлөр менен 598,6 млн. АКШ долларын түзүү менен 43,2 пайызга өскөн.

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




Товарлардын экспорту (ФОБ баасындагы)[1] 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөн 184,8 млн. АКШ долларына артуу менен кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде 484,2 млн. АКШ доллар көлөмүндө түптөлгөн. Алыскы чет өлкөлөргө товарларды берүүнүн эки эседен көбүрөөккө же 182,4 млн. АКШ долларына көбөйүүсү, экспорттук операциялардын өсүшү аныктоочу фактору болгон. КМШ өлкөлөрүнө экспорттун көлөмү бир азга – 1,7 пайызга же абсолюттук мааниде 2,4 млн. АКШ долларына өскөн.

Кароого алынып жаткан жылдын отчеттук чейрегинде экспорттун функционалдык түзүмүнүн негизги статьяларынын салыштырма салмагы[2] төмөнкүчө түптөлгөн: аралык товарлар Кыргызстандын экспортунун чогуу алгандагы көлөмүнөн 61,5 пайыз, чийки заттар – 17,4 пайыз, керектөө товарлары – 13,6 пайыз, энергопродуктулар – 5,4 пайыз чегинде катталган.

Аралык товарлардын экспорту 2,8 эсеге көбөйүү менен 258,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Экспорттук товарлардын кароого алынып жаткан категориясынын 92,8 пайызы алыскы чет өлкөлөргө алтынды берүүлөр менен камсыз болгон. Алтындын экспорту көбүнчө, аталган баалуу металл өндүрүүнүн 2009-жылдын төртүнчү чейрегиндеги рекорддук жогорку деңгээлине байланыштуу, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсүнүн (2009-жылдын биринчи чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 2,5 эсеге), ошондой эле алтынга баанын 1,2 эсеге өсүшүнүн эсебинен өскөн.

Чийки заттар экспорту 73,1 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги көрсөткүчтөн 11,4 пайызга көп. Чийки заттардын экспортунун негизги үлүшү, мурдагыдай эле органикалык эмес химиялык заттарга (чийки заттын чогуу алгандагы экспортунан 85,1 пайыз) туура келген, аларды берүүлөр отчеттук мезгилде чыныгы өлчөөдө 1,8 эсеге өскөн, ал эми экспорттук баалар 34,0 пайызга төмөндөгөн. Бул товар боюн-

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

[2] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

ча экспорттун нарктык көлөмү 20,6 пайызга же 10,6 млн. АКШ долларына көбөйгөн. Чийки заттын экспортунун негизги товардык номенклатурасынын башка позициялары боюнча көбүнчө, тамекиге жана пахтага сандык экспорттун кыскаруусу байкалган, ал эми ошол эле учурда баалар, 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги баалардын деңгээлинде сакталып калган. Мында, тамекинин экспортунун нарктык көлөмү 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги 3,5 млн. долларга караганда, отчеттук мезгилде 3,1 млн. АКШ долларын, ал эми пахтаныкы 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги 5,6 млн. АКШ долларына салыштырганда 2,0 млн. АКШ долларын түзгөн.

Керектөө товарларынын тобу боюнча экспорттун өсүшү 61,0 пайызды түзгөн, мында экспорттун нарктык көлөмү 57,2 млн. АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн. Бул статья боюнча экспорттун көбөйүүсүнө азык-түлүктөн башка товарларды берүүлөр аркылуу негизги салым кошулган, анын көлөмү 83,6 пайызга же 16,2 млн. АКШ долларына өскөн. Эң оболу бул, кийимдин же ага тиешелүүлөрдүн өсүшкө ык койгон берүүлөрү, алардын нарктык көлөмү 2,1 эсеге же 11,5 млн. АКШ долларына көбөйгөн. Ошондой эле, электр ысытуу лампаларын берүүлөр 95,0 пайызга же 2,2 млн. АКШ долларына өскөн бул, экспорттун физикалык көлөмүнүн 1,6 эсеге жана экспорттук баалардын 1,2 эсеге өсүшү менен түшүндүрүлөт. Экспорттук баалардын 54,0 пайызга кыскаруусу жана берүүлөрдүн санынын төрт эсеге көбөйүүсү минерал сууларынын жана алкоголсуз суусундуктардын 86,6 пайызга же 0,6 млн. АКШ долларына өсүшүн аныктаган. Азык-түлүк товарлар түзүмүндө экспорттун физикалык көлөмүнүн өсүшү эсебинен жашылчаны (36,8 пайызга же 2,8 млн. АКШ долларына), сүт жана сүт азыктарын ( 32,6 пайызга же 1,2 млн. АКШ долларына) берүүлөр көбөйгөн. Баалардын 15,0 пайызга өсүшү жемиштердин экспортуна таасирин тийгизген, ал отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 52,7 пайызга же 1,5 млн. АКШ долларына кыскарган.

Энергопродуктулардын экспорту отчеттук мезгилде 22,7 млн. АКШ долларын түзүү менен 39,0 пайызга төмөндөгөн. Мындай тенденция авиакеросиндин үчүнчү өлкөгө реэкспорттолушунун 65,5 пайызга же 21,1 млн. АКШ долларына кыскаруусу менен түшүндүрүлөт. Дизель отунун берүүлөр негизинен экспорттун сандык эсебинин өсүшүнөн улам 2,1 эсеге же 3,5 млн. АКШ долларына өскөн.

Товарлардын экспортунун географиялык түзүмүндө алыскы чет өлкөлөр (чогуу алгандагы экспорттун 79,9 пайызы), анын ичинде БАЭ (50,6 пайыз), АКШ (11,3 пайыз), Швейцария (8,4 пайыз) басымдуулук кылышкан. КМШ өлкөлөрүнүн үлүшүнө бүтүндөй экспорттун 20,1 пайызы туура келген, көбүнчө Россияга товарлардын экспортунун үлүшү 9,5 пайызды, Казакстанга – 6,4 пайызды, Өзбекстанга – 2,4 пайызды түзгөн.

Товарлардын ФОБ баасындагы импорту[1] 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги 591,5 млн. АКШ долларына салыштырганда, 2010-жылдын биринчи жарым жылдыгында 640,6 млн. АКШ доллар чегинде катталган.

[1] Кошумча баалоолорду эске алуу менен СИФ импорту 695,0 млн. АКШ долларын, соода балансынын тартыштыгы – 210,8 млн. АКШ долларын түзгөн.

Импорттун наркынын өсүшү КМШ өлкөлөрүнөн товарлардын түшүүсүнүн көбөйүүсү эсебинен (15,3 пайызга же 50,9 млн. АКШ долларына) жүргөн, ал эми ошол эле учурда алыскы чет өлкөлөрдөн импорт кыскарган ( 0,7 пайызга же 1,9 млн. АКШ долларына).

Функционалдык түзүмгө ылайык[1], энергопродуктулар (импорттун чогуу алгандагы көлөмүнөн 32,8 пайыз), керектөө товарлары (30,3 пайыз) аралык товарлар (19,2 пайыз) импорттук операциялардын негизги товардык категорияларынан болушкан.

Энергопродуктулардын импорту кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде 228,1 млн. АКШ долларын түзүү менен 33,9 пайызга көбөйгөн. Авиакеросиндин жана дизель отунунун импорту тиешелүүлүгүнө жараша, 28,0 жана 12,5 млн. АКШ долларына өскөн, буга отундун ушул түрүнө карата баанын өсүшү жана импорттун физикалык көлөмүнүн көбөйүүсү өбөлгө түзгөн. Баалык фактордун эсебинен автомобиль бензинин берүүлөр 27,7 пайызга же 11,6 млн. АКШ долларына өскөн, ошол эле учурда импорттун сандык берүүлөрү 21,4 пайызга кыскарган. Импорттун физикалык көлөмүнүн 3,7 эсеге өсүшү, таш көмүрдү берүүлөрдүн 9,6 млн. АКШ долларына өсүшүн шарттаган. Жаратылыш газынын импортунун нарктык көлөмүнүн 30,0 пайызга (же 9,6 млн. АКШ долларына) кыскаруусу, контракттык баалардын 2009-жылдын биринчи чейрегине салыштырганда 20,0 пайызга жана физикалык көлөмүнүн 13,2 пайызга төмөндөөсүнүн эсебинен жүргөн.

Керектөө багытындагы импорттолгон товарлардын наркы 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчтөн 3,1 пайызга артуу менен кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде 210,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Алынып келинген жеңил автомобилдердин санынын олуттуу кыскаруусунан жана аларга карата баанын орточо 1,5 эсеге өсүшүнөн улам, товарлардын бул категориясы боюнча импорттун наркы 3,1 пайызга же 16,1 млн. АКШ долларына кыскарган. Кийимдин жана ага тиешелүүлөрдүн импорту 37,1 пайызга же 7,6 млн. АКШ долларына кыскарган. Берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусунун эсебинен кофени, чайды, какаону жана алардан жасалган башка продуктуларды (28,0 пайызга же 3,0 млн. АКШ долларынга), өсүмдүк майын (6,6 пайызга же 0,6 млн. АКШ долларына), сигаретти (52,0 пайызга же 2,9 млн. АКШ долларына), күрүчтү (54,5 пайызга же 3,4 млн. АКШ долларына), маргаринди жана жуулган майды (42,0 пайызга же 1,5 млн. АКШ долларына) импорттоо кыскарган. Дары-дармектердин импорту баалардын өсүшүнүн эсебинен сыяктуу эле, берүүлөрдүн санынын өсүшүнүн эсебинен да 46,0 пайызга же 6,5 млн. АКШ долларына өскөн. Сандык импорттун өсүшү, тиешелүүлүгүнө жараша 2,5 жана 1,7 эсеге өскөн этти жана эт азыктарын, жемиштерди жана жаңгактарды берүүлөрдүн нарктык көлөмүнө таасирин тийгизген. Кантка импорттук баанын 49,4 пайызга өсүшү жана түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 17,4 пайызга көбөйүүсү канттын импорттук нарктык көлөмүнүн 75,3 пайызга же 6,4 млн. АКШ долларына көбөйүүсүнө алып келген.

[1] Кыргыз Республикасынын УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

Аралык товарлар тобу боюнча импорттун көлөмү 133,4 млн. АКШ долларын түзгөн, бул тиешелүү мезгилдеги көрсөткүчтөн 6,4 пайызга төмөн. «Болот жана чоюн» товардык тобу боюнча импорт 17,1 пайызга же 3,9 млн. АКШ долларына кыскарган, бул сандык көрсөткүчтүн төмөндөөсү себебинен улам жүргөн. Баалык көрсөткүчтүн 24,0 пайызга кыйла олуттуу кыскаруусунун жана сандык көрсөткүчтүн 7,6 пайызга бир аз төмөндөөсүнүн эсебинен кездеменин импорту 29,8 пайызга же 3,4 млн. АКШ долларына кыскарган. Берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсү резина дөңгөлөктөрүн (32,7 пайызга же 1,9 млн. АКШ долларына) жана жер семирткичтерди (2,1 эсеге же 4,0 млн. АКШ долларына) берүүнүн нарктык көлөмүнүн өсүшүнө алып келген.

Дан азыктары жана органикалык эмес химиялык заттар импорттук номенклатуранын негизги товарларынан болуп саналышат. Дан азыктарынын импорту отчеттук мезгилде баалардын 32,0 пайызга жана түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 12,4 пайызга төмөндөөсүнүн эсебинен 40,4 пайызга же 8,2 млн. АКШ долларына көбөйгөн.

Импорттун географиялык түзүмүндө 2010-жылдын биринчи чейрегиндеги алдын-ала алынган натыйжалар боюнча КМШ өлкөлөрү үстөмдүк кылышкан, алардын үлүшүнө чогуу алгандагы импорттун 59,4 пайызы туура келген бул, өлкөлөрдүн ушул тобунун позициясын 3,6 пайыздык пунктка бекемдеген. Импорттун калган 40,6 пайызы алыскы чет өлкөлөрдөн товарларды берүүлөр менен камсыз болгон. Россия (чогуу алгандагы импорттон 37,8 пайыз), Кытай (16,3 пайыз), Казакстан (11,1 пайыз), Өзбекстан (4,6 пайыз) жана АКШ (4,5 пайыз) Кыргызстандын импорттук операциялар боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүнөн болуп саналышкан.


## 1.4. Валюта курсу

2010-жылдын январь-март айларында валюта рыногунда АКШ долларын бекемдөө тенденциясы сакталып калган. Валютанын агылып кирүүсүнүн кыскаруусу, ошондой эле АКШ долларына жогорку суроо-талаптын сакталып калышы шартында калыптанган, рыноктогу суроо-талаптын жана сунуштун катышы чет өлкө валютасынын курсунун динамикасына таасирин тийгизген негизги фактор болуп калган. Мындан тышкары, тышкы факторлор да белгилүү бир таасирин тийгизишкен, аларга евросезондогу алгылыксыз жагдайлардын алкагында Америка валютасын бекемдөө белгиленген, дүйнөлүк рыноктогу доллар/евронун курстук динамикасы кирген. Улуттук банк банктар аралык валюта тооруктарында улуттук валютанын туруктуулугун колдоо максатында АКШ долларын сатуу жана сатып алуу боюнча операцияларды өткөргөн. Бир чейрек ичинде Улуттук банктын АКШ долларын сатуу боюнча операцияларынын көлөмү 54,2 млн. АКШ долларын түзүү менен 1,6 эсеге көбөйгөн, ал эми АКШ долларын сатып алуу боюнча операциялардын көлөмү 1,8 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 81,6 пайызга төмөн (2009-жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда Улуттук банктын сатуу боюнча

операцияларынын көлөмү 64,4 пайызга, сатып алуу боюнча 74,1 пайызга кыскарган).

АКШ долларынын эсептик курсу жыл башынан тартып 2,6 пайызга жогорулоо менен март айынын акырына карата 45,2203 сом/АКШ долларын түзгөн (2009-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча доллардын эсептик курсу чейрек ичинде 8,2 пайызга көбөйүү менен 42,6295 сом/ АКШ долларын түзгөн).

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүү арымы**




Евро курсунун динамикасы, мурдагыдай эле, тышкы рыноктордо анын курсунун динамикасынын АКШ долларына карата катышынын таасири астында түптөлгөн. Бүтүндөй чейрек ичинде, евро курсу алмашуу бюролорунда, анын эл аралык рыноктордо алсызданышынын алкагында төмөндөгөн, бул эң оболу Грециядагы бюджеттик проблемаларга байланыштуу болгон. Бүтүндөй алганда чейрек ичинде, еврону сатуу курсу март айынын акырына карата 560,6436 сом/еврону түзүү менен 5,3 пайызга төмөндөгөн.


# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына анализдөөлөр[1]

Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде республикада баалардын жалпы деңгээлинин өсүшү 4,8 пайызды түзгөн (2009-жылдын биринчи чейрегинде өсүш 0,4 пайызды түзгөн). Анын ичинде тамак-аш азыктарына керектөө бааларынын индекси 5,5 пайызга, алкоголдуу суусундуктарга жана тамеки заттарына 0,7 пайызга, азык-түлүктөн башка товарларга 6,3 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө 2,0 пайызга өскөн.

2010-жылдын баш жагынан тартып электрэнергиясына, жылуулук энергиясына жана ысык сууга тарифтин жогорулоосу, ошондой эле айрым азык-түлүк товарларынын (мисалы, жемиштер жана жашылчалар) сезондук факторлордон улам сыяктуу эле, дүйнөлүк рыноктордо баанын өсүшүнүн (кант) таасиринен улам кымбаттоосу, баалардын мындай динамикасынын түптөлүшүнө себеп болгон.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин динамикасы жана жылдык эсептөөдө аларды түзүүчүлөр**




Инфляциянын жылдык мааниси 4,3 пайызды (2010-жылдын марты 2009-жылдын мартына карата), ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде 13,6 пайызды түзгөн. Тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга баалардын индекси жылдык мааниде өзгөрүүсүз калган. Ал эми товарлардын башка топтору боюнча, баалардын өсүшү катталган. Азык-түлүктөн


[1] Кыргыз Республикасынынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча.

башка товарлардын (12,4 пайызга) бир кыйла кымбаттоосу белгиленген; алкоголдуу суусундуктарга жана тамекиге баалардын өсүшү 5,0 пайыз, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө 3,6 пайыз чегинде катталган.

### 2.1.1. Азык-түлүк товарларына карата баалардын динамикасы


Бүтүндөй алганда, ички рыноктогу баа жагдайы ар багыттуу тенденция менен мүнөздөлгөн. Азык-түлүк товарларына карата баалар 2010-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча 2009-жылдын март айындагы деңгээлинде сакталып калган (баалардын өсүшү 2009-жылдын март айында 10,3 пайызды түзгөн). Ошондой болсо да, нан азыктарына жана таруруга баанын төмөндөөсү (-9,8 пайызга) байкалган, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну 19,3 пайызга арзандаган, ал эми майга жана тоң майларга баалар 5,1 пайызга, мөмө жемиш продукцияларына 4,0 пайызга төмөндөгөн. Буудайдын мурдагыдан калган арбын калдыгы, ошондой эле өтүп жаткан жылда буудайдын түшүмүн жогору баалоо (1,0 млн. тоннага жакын) нан азыктарына карата баалардын динамикасынын негизги факторлорунун бири болуп калган.

**2.1.2-сүрөт. Азык-түлүк товарларына карата баалардын жылдык динамикасы**




Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн баасы өткөн жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, товарлардын дээрлик бардык түрлөрү боюнча төмөндөгөн. Алсак, өндүрүүчүлөрдүн данга карата баасы 37,5 пайызга, жашылчага 27,6 пайызга, картошкага 14,5 пайызга, жумурткага 11,3 пайызга төмөндөгөн. Ошондой болсо да, эттин кымбаттоосу (+10,4 пайызга) уланган.

**2.1.3-сүрөт. Айыл чарба продукцияларынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын жылдык динамикасы**




Ун азыктарын керектөө рыногунда баалардын төмөндөөсү байкалган. Алсак, нанга, нан азыктарына жана таруруга баанын индекси жылдык өлчөөдө 9,8 пайызга төмөндөгөн (2009-жылдын тиешелүү мезгилинде 5,9 пайызга өскөн), анын ичинде нан 7,5 пайызга арзандаган. Биринчи жана жогорку сорттогу ун тиешелүүлүгүнө жараша 19,3 жана 15,8 пайызга кыйла тез арымда арзандоосун уланткан.

Биринчи чейректе ушул мезгилге мүнөздүү болгон мөмө-жемиш продукциясына баанын жогорулоосу (+19,7 пайызга) байкалган, анын ичинде жемиштер 5,2 пайызга, ал эми жашылчалар 28,4 пайызга кымбаттаган. Ошондой болсо да, жемиштерге баалар жылдык мааниде 9,1 пайызга, ал эми жашылчаларга 4,0 пайызга төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан жылдын январь айы ичинде жана февраль айынын биринчи жарымында кантка карата дүйнөлүк баа өсүшүн уланткан. Ал эми ушул эле жылдын февраль айынын экинчи жарымынан жана март айынан тартып канттын наркынын кескин төмөндөөсү жүргөн жана бүтүндөй 2010-жылдын башталышынан тартып кант, дүйнөлүк рынокто 30,1 пайызга арзандаган. Бул факт Кыргызстанга ак кантты ташып келүүгө квотанын аракеттенүү мөөнөтүнүн аякталышы менен биргеликте, ички рыноктогу болочоктогу баа динамикасына оң таасирин тийгизиши мүмкүн. Бүтүндөй алганда, 2010-жылдын биринчи чейреги ичинде кантка карата баалардын өсүшү жылдык мааниде республика боюнча 55,8 пайызды түзгөн. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча өтүп жаткан жылдын биринчи чейрегинде ташылып келинген кантка орточо баа, тоннасына 797 АКШ доллар чегинде катталган (2009-жылдын төртүнчү чейрегине карата +27,5 пайыз).

Ички рынокто акыркы 12 ай ичинде эт азыктарына баанын өсүшү 3,2

пайызды түзгөн, ал эми өтүп жаткан жылдын тиешелүү мезгилинде өсүш 13,0 пайыз чегинде түптөлгөн.


Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейреги ичинде «май жана тоң майлар» тобуна баалардын төмөндөөсү уланган. 2010-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата абал боюнча май жана тоң майлар рыногунда, көбүнчө импорттолуучу продукциянын наркынын төмөндөөсүнүн натыйжасында баанын арзандоосу (-5,1 пайызга) катталган.

Байкоого алынып жаткан мезгилдин акырына карата сезондук факторлордон улам, сүт азыктарына керектөө бааларынын 0,7 пайызга төмөндөөсү байкалган, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде товарлардын бул тобу 2,2 пайызга арзандаган. Ошондой эле, жылдык өлчөөдө сүт азыктары да 2,5 пайызга арзандаган.

### 2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын динамикасы

Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын индексинин өсүшү кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде бир аз басаңдаса да, 12,4 пайызды түзүү менен (2009-жылдын тиешлеү мезгилинде 15,8 пайыз) жогору бойдон сакталып калган. 2010-жылдын 1-январынан тартып электроэнергиясына, ысык сууга жана борбордук жылуулук берүүгө тарифтер жогорулаган. Кийим-кечеге жана бут кийимге баалар көбүнчө, кийим тигүү үчүн материалдардын 39,7 пайызга кымбаттоосунун эсебинен 9,3 пайызга жогорулаган. Ошондой эле, үй буюмдарына жана тиричилик техникаларына баалардын өсүшү белгиленген, өсүш 7,5 пайызды түзгөн. Алардын баасына импорттук баалар басым жасап турган тиричилик текстиль буюмдарынын 25,1 пайызга кымбаттоосу, мындай динамиканын түптөлүшүнө негизги себептерден болгон.

**2.1.4-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баалардын динамикасы**




Мунайга дүйнөлүк баанын төмөндөөгө ык койгон трендинин жогорулоо жагына алмашуусу, республикага импорттолуучу КММнын наркына басым жасайт. Кароого алынып жаткан жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча КММга карата баанын өсүшүнүн тездеши уланган. Алсак, бензинге баа жылдык мааниде 43,9 пайызга, ал эми дизель отунуна 9,5 пайызга өскөн. Ошондой болсо да, бүтүндөй алганда биринчи чейрек ичинде КММ ички рынокто 1,8 пайызга, анын ичинде бензин 2,9 пайызга арзандаган, ал эми дизель отуну 4,6 пайызга кымбаттаган.

### 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баалардын динамикасы

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын индекси кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде жылдык өлчөөдө 3,6 пайызга (2009 –жылдын биринчи чейрегинде 29,8 пайызга) өскөн. Бул топ боюнча индекстин өсүшү көбүнчө, электр энергиясына тарифтердин жогорулашы жана импорттук дары-дармектердин кымбатташы менен шартталган, саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнүн (+27,5 пайызга) кымбаттоосунун эсебинен жүргөн. Транспорт кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы жылдык мааниде 2,0 пайызга көбөйгөн. Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө баалардын өсүшү 1,3 пайыз, ресторандардын жана мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө 4,0 пайыз чегинде катталган, ал эми байланыш кызмат көрсөтүүлөрү 0,3 пайызга арзандаган.

**2.1.5-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын жылдык динамикасы**




### 2.1.4. Аймактардагы керектөө бааларынын динамикасы


Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча республиканын бардык областтарында керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин өсүшү байкалган. Жылдык эсептөөдө баалардын тиешелүүлүгү-

нө жараша 13,3 жана 6,0 пайызга бир кыйла жогорулоосу Баткен жана Чүй областтарында белгиленген. Айрым коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтердин жалпы республикалык жогорулоосунан тышкары, азык-түлүк товарларынын кымбаттоосу аталган областтарда баанын өсүшүнүн негизги факторлорунан болгон. Баткен областында дагы 2009-жылы алкоголдуу продукцияларга жана тамекиге чек ара жанындагы райондордо түптөлгөн оор шарттарга байланыштуу, катталган товарлардын тизмегин өзгөртүүдөн улам келип чыккан баанын жогорулоо таасири сакталып калган.

Башка областтарда инфляция 5 пайыздан ашкан эмес. Алсак, Нарын, Ош, Ысык-Көл, Талас жана Жалал-Абад областтарында керектөө баалары тиешелүүлүгүнө жараша 4,5 пайызга, 3,4 пайызга, 3,1 пайызга, 2,7 пайызга жана 1,6 пайызга жогорулаган.

Республиканын борборунда баалардын 4,2 пайызга өсүшү катталган, мында тамак-аш азыктары 1,2 пайызга арзандаган, ал эми алкоголдуу суусундуктар, азык-түлүктөн башка товарлар жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр тиешелүүлүгүнө жараша, 2,7 пайызга, 13,9 пайызга жана 4,0 пайызга кымбаттаган.

**2.1.6-сүрөт. Региондордогу КБИнин жылдык динамикасы**




## 2.2. Базалык инфляция


Базалык инфляция баалардын кыска мөөнөттүү, структуралык жана мезгилдүү өзгөрүүлөрүнө жол бербей турган инфляциянын тренди катары аныкталат, башкача айтканда, инфляциянын көрсөткүчүнүн эсептөөсүнөн начар түшүм, КММ рыногунда баалык таасирлер, газга жана электрэнергиясына карата тарифтердин административдик өзгөрүүсү сыяктуу мезгилдүү жана тышкы факторлорго шартталган товарларга баалардын өсүшү алынып салынат.

Төмөндө базалык инфляциянын жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептелинген динамикасы чагылдырылган. Бул ыкма, баалары эрежедегидей эле, бир жолку жана/же кыска мөөнөттүү таасирлерге өтө ийкемдүү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн белгилүү бир категорияларын же максаттуу топторун, керектөө бааларынын индексинен алып салууну

түшүндүрөт. Мындай товарларга мурдатан бери эле, кээ бир азык-түлүк товарлары, энергия алып жүрүүчүлөр жана Өкмөт тарабынан административдүү түрдө белгиленүүчү тарифтер кирет.

Базалык инфляциянын динамикасы, 2010-жылдын биирнчи чейрегинде азык-түлүк товарларына көбүнчө, нан азыктарына жана таруууга, майга жана тоң майларга, жемиштерге жана жашылчаларга карата баалар, республикадагы инфляциянын негизги фактору экендигин тастыктайт. Алсак, базалык инфляция 1дин, базалык инфляция 3түн жана базалык инфляция 4 түн эсептик көрсөткүчү жылдык мааниде 9,0 пайыз орточо мааниге жеткен, ал эми керектөө бааларынын жалпы индекси 2010-жылдын биринчи чейрегинде жылдык мааниде 4,3 пайыз чегинде катталган эле.

**2.2.1-сүрөт. Базалык инфляциянын динамикасы**




Базалык инфляция 1- товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу 2) май жана тоң майлар 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 2- товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) эт 2) жемиштер жана жашылчалар 3) газ; 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 3- товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу 2) сүт азыктары 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 4- азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты боюнча чечимдери

## 3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Төмөндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын акча-кредит саясаты боюнча 2010-жылдын биринчи чейрегинде кабыл алынган негизги чечимдери келтирилген:

1. Учурда орун алган жагдайга баа берүү жана тиешелүү акча-кредит саясатын кыска мөөнөттүү мезгилде жүргүзүүнүн сценарийлерин иштеп чыгуу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2010-жылдын 24-февралында 2009-жыл үчүн акча-кредит саясаты жана алдыдагы мезгил үчүн акча-кредиттик программа (№3/1 токтом) жөнүндө отчет кароого алынган жана жактырылган. 2009-жыл үчүн акча-кредиттик саясат жөнүндө отчеттун кыскартылган версиясы Кыргыз Республикасынын Өнүгүү, инвестициялар жана инновациялар боюнча борбордук агенттигине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Экономикалык жөнгө салуу министрлигине жөнөтүлгөн, ошондой эле Улуттук банктын веб-сайтына жайгаштырылган.
2. «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын (БРАФ) ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 43-статьясына жана БРАФтын Уставынын 5-статьясына ылайык бир катар токтомдор кабыл алынган.

## 3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары-Комитет) акча-кредит чөйрөсүндө оперативдүү чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечимдер Комитет тарабынан жума сайын кабыл алынат жана акча рыногунда түптөлгөн жагдайга баа берүү натыйжаларына негизделет. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү 2010-жылдын биринчи чейрегинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган, 2010-жылга акча-кредит саясатынын негизги багыттарында, алдыдагы мезгил үчүн акча-кредиттик программада көрсөтүлгөн максаттардан жана маселелерден улам, ошондой эле банк тутумунун абалын жана салыктык-бюджеттик чөйрөдөгү жагдайды эске алуу менен Комитет тарабынан аныкталат.

2010-жылдын биринчи чейрегинде Комитеттин 11 отуруму өткөрүлгөн. Комитеттин чечимдери Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28

күндүк ноталарына жума сайын аукцион өткөрүү аркылуу банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салууга багытталган, сатуунун индикативдүү көлөмү 5,5 млрд. сом өлчөмүндө белгиленген.

Улуттук банктын ноталарын сатуунун анык көлөмү үстүбүздөгү жылдын биринчи чейрегинде 4,9 млрд. сомду түзгөн. Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуусу[1] отчеттук мезгил ичинде 2,3 млрд. сом эквивалентин түзгөн.

Комитет тарабынан ошондой эле, «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсын кредиттөө максаттары үчүн айына бир жолу белгиленген базалык чендин өлчөмү жөнүндө чечимдер да кабыл алынган. БРАФтын кредиттик каражаттары боюнча пайыздык чендин өлчөмү оңдолуучу коэфициенти менен базалык ченге карата, кредиттөөнүн тармагына жараша теңештирилет. Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейреги ичинде базалык чен 8,0 пайыз деңгээлинде сакталып калган. 2010-жылдын 30-мартында Комитеттин чечими менен БРАФты кредиттөө максаттары үчүн 2010-жылдын 1-апрелине карата базалык чен 8,0 пайыз деңгээлинде өзгөрүүсүз калган.

[1] Улуттук банк Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун саясатына таянат.

# 4-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоо

## 4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасын болжолдоо

Улуттук банктын «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасынын мурдагы чыгарылышында жарыяланган өлкөнү 2010-жылга макроэкономикалык өнүктүрүүнү болжолдоонун алкагында экономиканын 5,0 пайыз деңгээлде өсүшү болжолдонгон. Бул, каатчылыктын натыйжаларын четтетүүнүн ыкчамдап жатышы жана бүтүндөй өнүгүүнүн инвестициялык курсуна ык коюусу жөнүндө божомолдорго негизденген. Өлкөдөгү негизги факторлордон болуп көбүнчө, мамлекет тарабынан жигердүү инвестициялык иштер, негизги соода өнөктөш өлкөлөрдүн экономикасын өнүктүрүүнүн алгылыктуу динамикасы жана өткөн жылдагы начар өсүштүн алкагында республикадагы калайык-калктын кирешелеринин өсүшүнөн улам келип чыккан керектөө суроо-талабын калыбына келтирүү, өлкөдөгү экономикалык өсүштү камсыз кылган негизги факторлордон экендиги болжолдонгон.

Болжолдонуп жаткан экономикалык өсүштү камсыз кылуу боюнча негизги роль транспорт, байланыш жана соода сыяктуу тармактардын ишине бөлүнгөн. Ал эми өнөр жай жана курулуш тармактарынан олуттуу салым күтүлгөн.

**4.1.1-таблица. Экономиканын тармактары боюнча 2010-жылга карата ИДПнын болжолу (баштапкы)**

| | так маалыматтар | | | | эсептешүүчү маалыматтар | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | күндөлүк баалар, *млн. сом* | салыштырылуучу баалар, *млн. сом* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | салыштырылуучу баалар, *млн. сом* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* |
| | 2009-ж. | | | | 2010-ж. | | |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 43 372,8 | 47 395,8 | 3 244,9 | 7,3 | 43 806,5 | 433,7 | 1,0 |
| Өнөр жайы | 29 143,7 | 26 596,0 | -1 928,4 | -6,8 | 31 504,9 | 2 361,2 | 8,1 |
| Тоо-кендерин казып алуу өнөр-жайы | 1 232,7 | 1 048,8 | 47,1 | 4,7 | 1 294,3 | 61,6 | 5,0 |
| Кайра иштетүүчү өнөр жайы | 24 577,0 | 22 910,3 | -1 940,4 | -7,8 | 26 543,2 | 1 966,2 | 8,0 |
| анын ичинде «Кумтөр» | 13 611,4 | 10 204,9 | -808,6 | -7,3 | 14 482,5 | 871,1 | 6,4 |
| Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3 334,0 | 2 636,9 | -35,1 | -1,3 | 3 667,4 | 333,4 | 10,0 |
| Курулуш | 11 235,3 | 10 501,4 | 621,1 | 6,3 | 12 527,4 | 1 292,1 | 11,5 |
| Соода | 32 205,2 | 31 266,4 | 553,8 | 1,8 | 34 781,6 | 2 576,4 | 8,0 |
| Транспорт жана байланыш | 17 931,0 | 15 583,0 | 757,9 | 5,1 | 19 186,2 | 1 255,2 | 7,0 |
| Жана башкалар | 40 675,1 | 35 793,1 | 587,8 | 1,7 | 41 488,6 | 813,5 | 2,0 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 21 860,0 | 25 261,2 | 567,9 | 2,3 | 22 953,5 | 1 093,5 | 5,0 |
| **ИДП** | **196 423,1** | **192 396,9** | **4 405,0** | **2,3** | **206 248,7** | **9 825,6** | **5,0** |

Учурда, экономиканы андан-ары өнүктүрүү боюнча ички саясий жагдайларга жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жакынкы мезгилге экономикалык саясатынын бүдөмүк келечегине байланыштуу болгон анык-сыздыктын олуттуу үлүшү орун алууда.

Алдын-ала эсептөөлөр боюнча 2010-жылы экономикалык өсүш 2,0 пайызды түзүшү ыктымал, ал көбүнчө өнөр жай жана курулуш менен камсыз болот. Мында, өтүп жаткан жылдын январь-апрель айларынын жыйынтыгы боюнча ИДПнын өсүшүнө иши олуттуу салым кошкон, алтын казып алуу менен алектенбеген тармактардын эсебинен, өнөр жайы өсүшкө ээ болот. Экономиканын өсүшү, Россия, Белорусия жана Казакстан Бажы союзун түзүү Кыргызстандын тышкы экономикалык ишине канчалык деңгээлде таасирин тийгизе тургандагын, ошондой эле коңшулаш мамлекеттердин чек араларында орун алган жагдайлар ата мекендик экономика үчүн канчалык олуттуу мүнөзгө ээ экендигине көбүнчө көз каранды болоорун эске алуу зарыл.

Биринчи чейрек ичинде «Кумтөр» алтын кенин казып алуучу компаниянын эсебинен экономиканын олуттуу өсүшүнө карабастан, бүтүндөй 2010-жыл ичинде бул тармактын ишканаларынын салымы анчалык чоң эмес. «Кумтөр Оперейтинг Компани» компаниясынын берген маалыматтарына ылайык, «Кумтөрдө» 2010-жылы алтын өндүрүүнүн жылдык көлөмү 2009-жылдагы 525 миң унцияга салыштырганда, 520-560 миң унциянын чегинде күтүлүүдө.

Алынган так маалыматтарга таянуу менен кен казып алуунун өсүшү 2010-жылы 6,4 пайыз чегинде болжолдонгон бул, биздин баа берүүлөр боюнча, «Кумтөр» кен казып алынуучу жайдын алтын казып алууну 0,4 пайызга көбөйтүүсүнүн эсебинен ИДПнын өсүшүнө мүмкүндүк берет.

Айыл-чарбасында өткөн жылдагы мол түшүмдүүлүктүн алкагында өндүрүмдүүлүктүн төмөндөөсү ыктымал, бул экономикалык өсүштүн төмөндөө жагындагы арымынан көрүнүп турат.

**4.1.2-таблица. Экономиканын тармактары боюнча 2010-жылга карата ИДПнын болжолу (оңдолгону)**

| | так маалыматтар | | | | | | эсептешүүчү маалыматтар | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | күндөлүк баалар, *млн. сом* | салыштырылуучу баалар, *млн. сом* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | салыштырылуучу баалар, *млн. сом* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* |
| | **2009-ж.** | | | | **2010-ж. янв-апр.** | | **2010-ж.** | | |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 43 372,8 | 47 395,8 | 3 244,9 | 7,3 | 129,3 | 2,3 | 42 505,3 | -867,5 | -2,0 |
| Өнөр жайы | 29 143,7 | 26 596,0 | -1 928,4 | -6,8 | 4 216,0 | 63,0 | 31 467,9 | 2 324,2 | 8,0 |
| Тоо-кендерин казып алуу өнөр-жайы | 1 232,7 | 1 048,8 | 47,1 | 4,7 | 97,2 | 34,7 | 1 257,4 | 24,7 | 2,0 |
| Кайра иштетүүчү өнөр жайы | 24 577,0 | 22 910,3 | -1 940,4 | -7,8 | 3 933,1 | 74,6 | 26 543,2 | 1 966,2 | 8,0 |
| анын ичинде «Кумтөр» | 13 611,4 | 10 204,9 | -808,6 | -7,3 | 2 190,3 | 88,3 | 14 484,3 | 872,9 | 6,4 |
| Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3 334,0 | 2 636,9 | -35,1 | -1,3 | 185,7 | 16,3 | 3 667,4 | 333,4 | 10,0 |
| Курулуш | 11 235,3 | 10 501,4 | 621,1 | 6,3 | 465,1 | 32,7 | 12 021,8 | 786,5 | 7,0 |
| Соода | 32 205,2 | 31 266,4 | 553,8 | 1,8 | -308,1 | -3,7 | 32 527,3 | 322,1 | 1,0 |
| Транспорт жана байланыш | 17 931,0 | 15 583,0 | 757,9 | 5,1 | 110,0 | 2,0 | 18 468,9 | 537,9 | 3,0 |
| Жана башкалар | 40 675,1 | 35 793,1 | 587,8 | 1,7 | -181,3 | -1,6 | 41 081,9 | 406,8 | 1,0 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 21 860,0 | 25 261,2 | 567,9 | 2,3 | 677,0 | 11,3 | 22 297,2 | 437,2 | 2,0 |
| **ИДП** | **196 423,1** | **192 396,9** | **4 405,0** | **2,3** | **5 108,0** | **11,3** | **200 370,3** | **3 947,2** | **2,0** |

Чогуу алгандагы суроо-талапка эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын динамикасы олуттуу таасирин тийгизет, алар калайык-калктын керектөө жана инвестициялык чыгашаларынын булагы болуп саналуу менен ИДПда салыштырмалуу олуттуу үлүштү түзүшөт. Негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө экономикалык өсүштү калыбына келтирүүнүн кээ бир белгилеринин алкагында, акчалай которуулардын агылып кирүүсүнүн көбөйүүсү күтүлүүдө, бул экономикалык жигердүүлүктүн төмөндөөсүнөн улам кирешелердин кыскаруусун жарым-жартылай компенсациялоого мүмкүндүк берет.

Инвестициялар көбүнчө, мамлекеттин инвестициялык саясатына жана ал үчүн колдо болгон каражаттардын көлөмүнө көз каранды болот. Учурда, энергетикалык тармактын стратегиялык долбоорлорун ишке ашыруу улантылууда бул, экономикадагы жалпы басаңдоону четтетүүгө өбөлгө түзөт. Инвестициялардын мурдагы көлөмдөрүнүн сакталып калышы жана өсүшү чогуу алгандагы суроо-талапка демилгелөөчү таасирин тийгизүү менен андан-аркы экономикалык өсүш үчүн база түзөт.

Кароого алынып жаткан жылы импорттун өсүшү 17,0 пайыз деңгээлинде күтүлүүдө, бул өткөн жылдагы анын төмөнкү деңгээли сыяктуу эле, ички керектөөнүн өсүшү, ошондой эле негизги соода өнөктөш өлкөлөрдүн экономикасынын калыбына келиши менен да шартталган. Экспорттон кирешелер болжол менен 11,7 пайызга өсө тургандыгы болжолдонууда.

Кыйла оптимисттүү сценарийди өнүктүрүү мүмкүндүгү экономика саясатындагы курч проблемалардын тезинен чечилишин болжолдойт. Баарынан мурда, чек ара аркылуу өтүүнүн мурдагы режимин жана соода-экономикалык ишкердикти калыбына келтирүү зарыл. Мындан тышкары, социалдык-саясий туруктуулукту жана капиталдын агылып кирүүсүн камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралар, жагдайдын кыйла жакшыруу жагына өзгөрүүсүнө түрткү болмок. Мурда белгиленген стратегиялык долбоорлорду толугу менен жана өз убагында ишке ашыруу олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн, бул курулуш ишинде кыйла жогорку көрсөткүчтөргө жетишүүгө өбөлгө түзмөк. Бул сценарийдин чегинде өнөр жай секторунун жандануусу негизги роль ойнойт, ошондуктан, өндүрүш тармагын колдоо ийгиликтүү саясат үчүн зарыл шарттардан болмок, ал көбүнчө Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду жана мамлекеттик бюджеттен бөлүштүрүү аркылуу өндүрүштү кредиттөөнүн көлөмүнүн көбөйүүсүнө, ошондой эле чет өлкө инвесторлорун тартууга таянуусу мүмкүн. Мына ушундай шарттар ишке ашырылган учурда, экономиканын өсүшү 2010-жылы 3,0 пайыздан жогоруну түзөт.

Ошону менен бирге эле, жагдайдын алгылыксыз өнүгүүсүнүн белгилүү бир тобокелдиктери да орун алган, алар ИДПнын өсүшүн камсыз кылган тармактарга таасирин тийгизүүсү мүмкүн, натыйжада экономика рецессияга дуушар болушу ыктымал. (Маалымат үчүн: жалпыга маалымдоо каражаттарынын билдирүүсү боюнча Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкынын аналитиктери Кыргызстандын ИДПсы 2010-жылы 0,7

пайызга төмөндөй тургандыгын болжолдошууда). Атап айтканда, энергетика тармагынын стратегиялык долбоорлорун ишке ашырууну улантуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштерге карабастан, өтүп жаткан жылда алардын кээ бири каражаттын жетишсиздигинен улам толук көлөмдө каржыланбашы мүмкүн, бул курулушта өсүш арымдын төмөндөөсүнө алып келет. Продукцияга суроо-талаптын чектелишинин жана иш жигердүүлүгүнүн жалпы төмөндөөсүнүн натыйжасында, өнөр жайда да өсүштүн алгылыксыз болушу ыктымалдыгы орун алган. Мындай кооптуу жагдайлар кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү олуттуу түшүүлөр менен байланыштуу болгон.

Акыркы учурда белгиленген экономиканы кредиттөөнүн өсүшүнүн басаңдоосун көз жаздымда калтырууга болбойт. Мындай тенденциянын уланышы экономиканын эртерээк калыбына келишин кечеңдетет. Мында, мамлекеттин экономикадагы инвестициялык жигердүүлүктү колдоо боюнча мүмкүнчүлүгү, мамлекеттик финансы секторунун балансташпоо тобокелдигине байланыштуу кыйла чектелүүсү мүмкүн.

## 4.2. Инфляциянын 2010-жылга жана 2010-жылдын II чейрегине карата болжолдоолору

Негизги соода өнөктөш өлкөлөрдүн калыбына келүү арымы жана өсүш потенциалы боюнча аныксыздык, ошондой эле аныксыздыктын ички факторлору (тарифтик саясаттын өзгөрүүсү, коңшулаш мамлекеттер менен чек аралардагы тышкы соода жол-жоболорун катуулатуу, Россия Федерациясы тарабынан Кыргыз Республикасына ташылып келинүүчү мунайга жана мунайзаттарына экспорттук бажы алымдарынын киргизилиши жана башкалар) республиканын макроэкономикалык параметрлерин кыска мөөнөткө жана орто мөөнөттүү мезгилге карата болжолдоо процессин татаалдаштырат.

Кароого алынып жаткан жылы азык-түлүк товарларынын жана электр алып жүрүүчүлөрдүн рынокторунда дүйнөлүк экономиканын туруктаушуусунун натыйжасында, алсак, дан эгиндерине, электр алып жүрүүчүлөргө, кантка, ошондой эле өндүрүш товарларына баа тенденциясынын өсүшкө ык коюусу күтүлүүдө. Мындан тышкары, коңшулаш мамлекеттер менен чек аралардагы контролдук-өткөрүү режиминин катуулатылышы жана республикадагы соода шарттарынын кээ бир начарлоосунан улам түптөлгөн айрым азык-түлүк рыногундагы тартыштык, баалардын өзгөрүлмөлүүлүгү үчүн кошумча шарт түзөт.

Кароого алынып жаткан жылы дүйнөлүк экономиканын акырындап калыбына келиши углеводороддор рыногунда мунайга суроо талаптын жана баанын жогорулоосуна таасирин тийгизет, бул атамекендик рынокто да мунайзаттарынын кымбаттоосуна өбөлгө түзөт. Мындан тышкары, 2010-жылдын 1-апрелинен тартып, Россия Кыргызстанга ташылып келинүүчү мунайга жана мунайзаттарына экспорттук бажы алымдарын киргизген, бул ички рынокто автоматтык түрдө ММКнын кымбаттоосуна алып келген.

2010-жылдын 1-апрелинен тартып күндөлүк керектөөчүлөр үчүн жы-

луулук жана электр энергиясына тарифтер төмөндөгөн. Инфляциянын деңгээлине тарифтердин төмөндөөсү түздөн-түз таасир этиши мүмкүн, ал эми алардын жыл башынан тартып жогорулоосу өндүрүүчүлөрдүн айрым секторлор боюнча кээ бир башка товарларга жана керектөө корзинасындагы кызмат көрсөтүүлөргө чыгашаларын жогорулатуу аркылуу кыйыр түрдө кошумча таасирин тийгизген.

Өз кезегинде, өлкөдөгү иш жигердүүлүгүнүн басаңдоосу сыяктуу тобокелдиктер, инвестициялык чөйрөнүн начарлоосу, калктын кирешелеринин өсүшүнүн мүмкүн болуучу басаңдоосу жана чогуу алгандагы суроо-талаптын айрым начарлоосу өлкөдөгү инфляциянын жалпы деңгээлине кармап туруучу таасирин тийгизет.

Бюджеттик-салык саясатынын чаралары инфляцияга жана акча-кредит саясатына олуттуу таасирин тийгизүүчү башка маанилүү фактор болуп саналат. Кароого алынып жаткан жылы күндөлүк керектөөгө мамлекеттик чыгашалардын көбөйүүсү күтүлүүдө бул, бюджеттик тартыштыктын жана аны каржылоодо тиешелүү керектөөнүн өсүшүнө алып келет. Ошентип, орто мөөнөттүү бюджеттик-салыктык саясат өлкөдөгү баалардын туруктуулугу үчүн белгилүү бир тобокелдиктерди алып жүрөт.

***Буудай***. АКШ Айыл-чарба министрлигинин апрель айындагы болжолдооloруна ылайык, буудайды дүйнөлүк өндүрүү 2009/10 маркетинг жылдары 678,4 млн. тоннаны түзөт, бул мурдагы болжолдоолордогу көрсөткүчтөн жогору. Буудайды керектөө болжолу дагы 647,8 млн. тоннага чейин жогорулоо жагына өзгөргөн. Ошентип, дүйнөдө буудайдын түпкү запастары 2009/10 МЖ 195,8 млн. тоннаны түзөт.

Казакстан Республикасынын статистика боюнча агенттигинин маалыматтарына ылайык буудайдын жана буурчактын запастары Казакстанда 2010-жылдын 1-апрелине карата 13,0 млн. тоннадан жогору бойдон калган. Учурда, Казакстанда жазгы талаа жумуштары жакындап келе жаткандыктан, элеваторлордун жетишсиздиги проблемасы орун алган. Өтүп жаткан жылы Казакстан 16,7 млн. тонна дан эгиндерин жыйноону пландаштырууда.

***Күрүч***. АКШнын Айыл-чарба министрлиги алдыдагы маркетинг жылында күрүчтү дүйнөлүк өндүрүүнүн баасын 440,8 млн. тоннага чейин, ал эми керектөө болжолун 441,5 млн. тоннага чейин көтөргөн. Дандын бул түрүнүн өткөн жылдагыдан калган запасы 90,2 млн. тоннаны түзөт. ИА «Reuters» Маалымат агенттигинин билдирүүсү боюнча күрүчкө баа кытай жана америка биржаларында 4 АКШ долларына чейин, тиешелүүлүгүнө жараша тоннасына 284 жана 252 АКШ долларына чейин көтөрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Бажы кызматынын алдын-ала берген маалыматтары боюнча, өтүп жаткан жылдын март айында 1,9 миң тонна күрүч, айрыкча Кытайдан тоннасына 350 АКШ доллар орточо баада Кыргызстанга импорттолгон.

***Кант***. «Союзроссахар» Маалымат агенттигинин билдирүүсү боюнча Лондон биржасында кантка баа Индияда аны өндүрүүнүн көбөйүүсүнүн жана

Бразилиядагы жагымдуу аба-ырайынын шарттарынын алкагында бир ай мурун төмөндөөсүн уланткан. Алсак, Индияда өндүрүштүн прогнозу өтүп жаткан маркетинг жылы 16,8 млн. тоннадан 18-18,5 млн. тоннага чейин көбөйгөн. Метеошарттар, айрыкча өлкөнүн негизги өндүрүштүк аймактарына жааган катуу жаандар кант камышынын түшүмдүүлүгүнүн артышына өбөлгө түзөт. Россияда кант кызылчасын айдоо аянтын 0,2 млн. гектардан, 1,0 млн. гектарга чейин кеңейтүү пландаштырылууда. «Czarnikow Sugar» Британиядагы брокер үйү канттын дүйнөлүк тартыштыгынын өтүп жаткан сезондо 14,8 млн. тоннадан 12,6 млн. тоннага чейин төмөндөө жагына болжолдоолорун кайра карап чыккан. Кийинки сезондо «Czarnikow Sugar» жана «F.O. Licht» немец агенттиги кайра өндүрүүнү болжолдошууда.


***Мунай.*** Мунай рыногунун аналитиктеринин оюу боюнча баррелге 70-80 АКШ долларында баанын өзгөрүүсүнүн учурдагы диапазону 2010-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына чейин сакталып турат. Дүйнөлүк экономиканын калыбына келишин эске алуу менен баррелге 80-90 АКШ долларына 2010-жылдын акырында жетишүүгө мүмкүн.

Эл аралык энергетика боюнча агенттиктин мунайды 2010-жылы дүйнөлүк керектөөгө тиешелүү болжолдоолорунда март айында бир күндө 70 миң баррелге жогорулагандыгы белгиленген, бул эң башкысы дүйнөлүк экономиканын 2009-жылы мунайды керектөөсүнө баа берүүнүн жогорулатылышынан улам келип чыккан. Мунайды экспорттоочу өлкөлөр уюмунун 2020-жылга чейинки мезгил аралыгына берилген болжолдоолорунда ар жылы мунайга дүйнөлүк бир күндүк суроо талаптын өсүшү орточо алганда 1 млн. баррелди түзө тургандыгын «Новости» Россия маалымат агенттиги маалымдайт.

*Булагы: Reuters*

Бүтүндөй алганда, жогоруда белгиленген факторлорду эске алуу менен инфляция деңгээлинин 2010-жылга болжолу мурда аныкталган деңгээлде 7,5-9,5 пайыз чегинде сакталып калган.


**4.2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисин болжолдоолор**



Инфляциянын 2010-жылдын биринчи чейрегинде түптөлгөн анык деңгээли (4,8 пайыз) «Инфляцияга баяндама» басылмасынын мурдагы чыгарылышында жарыяланган ушул мезгилге карата болжолдоолордон (4,6 пайыз) арткан. Мында, январь жана февраль айларында инфляциянын анык деңгээли болжолдонгон деңгээлдин чегинде түптөлгөн, ал эми март айында инфляция күтүлүп жаткандагыдан бир аз жогору болгон.

2010-жылдын экинчи чейрегинде керектөө рыногундагы жагдай көбүнчө төмөнкү факторлордун таасиринен улам калыптана тургандыгы болжолдонууда: 2010-жылдын 1-апрелинен тартып электр жана жылуулук энергиясына тарифтердин төмөндөөсү; Россия Федерациясы менен өз ара соода жүргүзүү шарттарынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу КММга баалардын өсүшү жана сезондук факторлордун, көбүнчө мөмө-жемиш жана эт, сүт азыктары жагында таасиринин улануусу. Жыйынтыгында, 2010-жылдын экинчи чейрегинде баалардын 0,8 пайызга жакын өсүшү болжолдонууда.

**4.2.2-сүрөт. Инфляциянын 2010-жылдын II чейрегине карата болжолдоолору**




Бүтүндөй алганда, экономикадагы баалык динамиканын башка көрсөткүчү, ИДПнын дефлятору 2010-жылга 10,5 пайыз деңгээлинде болжолдонууда.

# Статистикалык тиркеме

**1-таблица. Керектөө бааларынын индекси**
*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2010-жыл | | |
|---|---|---|---|
| | **январь** | **февраль** | **март** |
| **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын индекси** | **101,3** | **102,5** | **101,0** |
| Товарлар | 101,4 | 102,8 | 101,0 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 102,0 | 101,9 | 101,5 |
| Алкоголдуу суусундуктар, тамеки заттары | 100,1 | 100,2 | 100,4 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100,9 | 104,8 | 100,6 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,4 | 100,7 | 100,8 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 102,0 | 101,9 | 101,5 |
| Нан азыктары жана таруу | 99,4 | 99,8 | 99,4 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 99,6 | 99,5 | 99,8 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 99,4 | 99,7 | 99,4 |
| нан | 100,0 | 101,0 | 100,0 |
| Эт | 101,1 | 101,3 | 102,3 |
| Балык | 102,4 | 103,2 | 100,3 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 100,9 | 99,9 | 98,4 |
| Май жана тоң майлар | 101,0 | 100,1 | 100,5 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 104,4 | 108,4 | 105,7 |
| жемиштер | 102,1 | 101,6 | 101,4 |
| жашылчалар | 105,8 | 112,3 | 108,0 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 108,4 | 101,7 | 101,4 |
| кумшекер | 113,6 | 102,4 | 101,7 |
| Башка тамак-аш азыктары | 98,1 | 100,3 | 100,1 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 100,9 | 100,7 | 101,8 |
| Алкоголдуу суусундуктар жана тамеки заттары | 100,1 | 100,2 | 100,4 |
| алкоголдуу суусундуктар | 100,2 | 100,2 | 100,7 |
| тамеки заттары | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 100,4 | 100,7 | 100,4 |
| кийим-кече | 100,5 | 100,9 | 100,6 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 103,8 | 107,5 | 100,1 |
| эр адамдар үчүн кийим | 100,4 | 100,7 | 100,0 |
| аялдар үчүн кийим | 100,4 | 100,9 | 101,1 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 100,2 | 100,2 | 100,2 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 100,4 | 101,1 | 105,3 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 100,2 | 100,2 | 100,0 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 100,2 | 100,4 | 98,3 |
| аялдар үчүн бут кийим | 100,0 | 100,1 | 102,7 |
| балдар үчүн бут кийим | 100,6 | 100,2 | 96,7 |
| бут кийимди оңдоо | 100,0 | 100,2 | 100,0 |
| Турак-жай кызмат көрсөтүүлөрү, суу электрэнергиясы, газ жана башка отундар | 103,0 | 118,3 | 100,6 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 100,0 | 100,0 | 100,4 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 97,9 | 99,0 | 100,2 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 103,9 | 122,1 | 99,6 |
| газ | 100,7 | 100,1 | 100,7 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 100,1 | 100,5 | 100,4 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 100,1 | 100,3 | 100,1 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 100,0 | 100,0 | 100,1 |
| тиричилик шаймандары | 100,0 | 100,1 | 100,3 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 100,3 | 100,6 | 100,0 |
| Саламаттыкты сактоо | 100,3 | 102,4 | 113,4 |
| Транспорт | 98,5 | 100,2 | 99,7 |
| авторанспортту сатып алуу | 100,3 | 100,5 | 100,5 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 97,7 | 99,5 | 101,0 |
| бензин | 97,4 | 99,4 | 100,3 |
| дизель отуну | 99,7 | 99,7 | 105,3 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 98,4 | 100,2 | 99,5 |
| Байланыш | 100,0 | 99,7 | 100,0 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 100,0 | 100,8 | 100,3 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 100,0 | 103,9 | 100,4 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 100,0 | 100,0 | 100,1 |
| Билим берүү | 99,6 | 100,5 | 100,0 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 100,3 | 100,4 | 100,0 |
| коомдук тамактануу | 100,3 | 100,3 | 100,0 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 100,2 | 101,6 | 100,3 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 103,0 | 101,9 | 101,9 |
| жеке тейлөө | 103,4 | 102,1 | 102,2 |

*Булагы: КР УСК*

**2-таблица. Керектөө бааларынын индекси**
*(ай өткөн жылдын тиешелүү айына карата, пайыздар)*

| | 2010-жыл | | |
|---|---|---|---|
| | **январь** | **февраль** | **март** |
| **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын индекси** | **100,7** | **102,9** | **104,3** |
| Товарлар | 100,6 | 103,1 | 104,7 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 94,3 | 97,5 | 100,0 |
| Алкоголдуу суусундуктар, тамеки заттары | 105,1 | 105,2 | 105,0 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 110,9 | 111,8 | 112,4 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 102,4 | 103,3 | 103,6 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 94,3 | 97,5 | 100,0 |
| Нан азыктары жана таруу | 86,6 | 89,3 | 90,2 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 78,1 | 82,2 | 84,2 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 74,3 | 79,2 | 80,7 |
| нан | 90,2 | 91,8 | 92,5 |
| Эт | 100,9 | 100,9 | 103,2 |
| Балык | 103,1 | 105,6 | 105,1 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 94,8 | 95,5 | 97,5 |
| Май жана тоң майлар | 90,2 | 93,2 | 94,9 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 82,2 | 90,0 | 96,0 |
| жемиштер | 88,5 | 89,4 | 90,9 |
| жашылчалар | 76,3 | 87,7 | 96,0 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 126,2 | 129,7 | 132,1 |
| кумшекер | 146,4 | 152,0 | 155,8 |
| Башка тамак-аш азыктары | 99,2 | 99,9 | 100,5 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 112,1 | 112,3 | 113,5 |
| Алкоголдуу суусундуктар жана тамеки заттары | 105,1 | 105,2 | 105,0 |
| алкоголдуу суусундуктар | 107,1 | 107,2 | 107,0 |
| тамеки заттары | 101,2 | 101,1 | 101,0 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 108,7 | 108,9 | 109,3 |
| кийим-кече | 110,3 | 110,5 | 110,6 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 153,5 | 160,1 | 139,7 |
| эр адамдар үчүн кийим | 110,6 | 110,5 | 110,2 |
| аялдар үчүн кийим | 109,1 | 109,4 | 110,3 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 108,0 | 107,6 | 108,0 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 107,2 | 107,9 | 113,5 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 105,7 | 105,8 | 106,7 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 105,9 | 106,2 | 106,0 |
| аялдар үчүн бут кийим | 106,6 | 106,7 | 110,2 |
| балдар үчүн бут кийим | 104,2 | 104,4 | 101,6 |
| бут кийимди оңдоо | 112,9 | 108,5 | 106,9 |
| Турак-жай кызмат көрсөтүүлөрү, суу электрэнергиясы, газ жана башка отундар | 113,7 | 122,4 | 124,1 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 101,0 | 100,7 | 100,4 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 106,9 | 103,2 | 103,6 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 115,6 | 126,6 | 127,2 |
| газ | 158,5 | 102,2 | 102,9 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 109,1 | 109,0 | 107,5 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 105,2 | 105,4 | 104,4 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 140,9 | 140,0 | 125,1 |
| тиричилик шаймандары | 102,6 | 102,5 | 101,9 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 108,2 | 108,0 | 106,0 |
| Саламаттыкты сактоо | 110,4 | 112,4 | 127,5 |
| Транспорт | 98,9 | 100,4 | 102,0 |
| авторанспортту сатып алуу | 110,7 | 108,5 | 105,3 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 125,4 | 129,2 | 135,8 |
| бензин | 134,9 | 137,0 | 143,9 |
| дизель отуну | 94,4 | 101,7 | 109,5 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 95,5 | 97,1 | 98,7 |
| Байланыш | 100,0 | 99,7 | 99,7 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 111,3 | 109,4 | 108,8 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 116,7 | 119,9 | 120,0 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 117,6 | 115,8 | 115,6 |
| Билим берүү | 101,0 | 101,3 | 101,3 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 108,8 | 108,9 | 104,0 |
| коомдук тамактануу | 108,4 | 108,5 | 103,3 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 118,3 | 119,6 | 118,9 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 110,2 | 109,4 | 110,6 |
| жеке тейлөө | 110,2 | 110,6 | 112,4 |

*Булагы: КР УСК*

**3-таблица. Баалардын индекси жана импорттун 2010-жылдын январь-февраль айлары үчүн физикалык көлөмүнүн индекси**

| Товардын аталышы | *2010-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n10*p10* | *2010-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n10*p09* | *2009-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n09*p09* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | **A** | **B** | **C** | **A/B** | **B/C** | **A/C** |
| Мунай жана мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 101,7 | 69,1 | 79,4 | 1,47 | 0,87 | 1,28 |
| Газ абалындагы жаратылыш газы | 14,9 | 19,5 | 24,1 | 0,77 | 0,81 | 0,62 |
| Чоюн жана болот | 14,4 | 13,6 | 15,0 | 1,06 | 0,91 | 0,96 |
| Дары-дармектер (ветеринардыкты кошо алганда) | 11,7 | 11,9 | 8,9 | 0,98 | 1,34 | 1,32 |
| Эт жана эт азыктары | 10,8 | 11,0 | 5,6 | 0,99 | 1,95 | 1,93 |
| Кант, кант кошулган азыктар жана бал | 10,8 | 7,9 | 7,1 | 1,38 | 1,10 | 1,52 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 10,4 | 1,6 | 4,4 | 6,37 | 0,37 | 2,36 |
| Жашылча жана жемиштер | 8,0 | 8,0 | 5,6 | 1,00 | 1,44 | 1,44 |
| Жүк көтөргүчтөр жана тынымсыз иштеген конвейерлер | 7,9 | 0,6 | 0,6 | 14,21 | 1,00 | 14,21 |
| Кофе, чай, какао, таттуулар жана алар кошулган азыктар | 7,0 | 5,7 | 7,2 | 1,24 | 0,78 | 0,98 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 6,8 | 6,3 | 1,0 | 1,09 | 5,97 | 6,53 |
| Эфир майлары, резиноиддер жана парфюмердик каражаттар | 6,8 | 8,6 | 6,9 | 0,79 | 1,25 | 0,99 |
| Дан эгиндери (полба (буудайдын бир түрү) ж-а угут, тартылбаган шак | 6,4 | 10,5 | 11,9 | 0,61 | 0,88 | 0,54 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 5,7 | 6,3 | 5,4 | 0,90 | 1,17 | 1,06 |
| Жасалма текстиль материалдарынан кездемелер | 5,4 | 6,4 | 6,1 | 0,84 | 1,05 | 0,88 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 5,2 | 3,8 | 3,9 | 1,37 | 0,99 | 1,35 |
| Өсүмдүк майлары жана тоң майлар | 5,1 | 5,1 | 6,4 | 1,00 | 0,81 | 0,81 |
| Таш, кумду, кендерди электен өткөрүү, майдалоо маш. тетиктери | 4,5 | 4,1 | 3,6 | 1,09 | 1,13 | 1,23 |
| Электрлиниялык телефон же телеграф аппараттары | 4,4 | 5,7 | 5,1 | 0,76 | 1,12 | 0,86 |
| Синтетикалык материалдан жасалган бут кийим | 4,3 | 5,2 | 3,4 | 0,83 | 1,51 | 1,25 |
| Жер семирткичтер | 4,1 | 6,0 | 2,0 | 0,69 | 3,05 | 2,09 |
| Башка категорияларга кирбеген, баалуулукка жатпаган металлдар | 3,9 | 1,8 | 4,1 | 2,12 | 0,45 | 0,96 |
| Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автомобилдер | 3,7 | 2,6 | 3,7 | 1,42 | 0,71 | 1,01 |
| Электр трансформаторлору | 3,7 | 1,0 | 0,4 | 3,75 | 2,23 | 8,38 |
| Башка категорияга кирбеген тамак-аш азыктары жана препараттар | 3,1 | 4,2 | 3,1 | 0,74 | 1,38 | 1,03 |
| Алкоголдук суусундуктар | 3,0 | 2,1 | 2,6 | 1,46 | 0,80 | 1,17 |
| Тыгыздалган жана калыбына келтирилген жыгачтар | 2,6 | 2,8 | 2,6 | 0,91 | 1,11 | 1,01 |
| Жеңил авт-р, эл ташуу үчүн каралган транспорт каражаттары | 2,5 | 2,5 | 1,7 | 1,00 | 1,49 | 1,48 |
| Кант кошулган мин. суулар жана алкоголсуз суусундуктар | 2,5 | 2,1 | 2,0 | 1,15 | 1,07 | 1,24 |
| Ийне жалбырактуу өсүмдүк жыгачтары | 2,3 | 2,3 | 2,3 | 0,98 | 1,02 | 1,00 |
| Дан азыктарынан, ундан жана крахмалдан жасалган азыктар | 2,3 | 2,6 | 2,3 | 0,87 | 1,13 | 0,98 |
| Баштапкы формадагы пластмасса | 2,2 | 1,4 | 1,4 | 1,56 | 1,01 | 1,58 |
| Күрүч | 2,2 | 2,0 | 5,4 | 1,09 | 0,37 | 0,40 |
| Баштапкы эмес формада пластмасса | 1,9 | 1,9 | 1,3 | 0,98 | 1,46 | 1,42 |
| Башка катег. кирбеген чоюндан жас. констр. ж-а анын элементтери | 1,9 | 1,9 | 3,0 | 0,98 | 0,65 | 0,64 |
| Маалым-ды авт. түрдө иштеп чыгуучу маш. ж-а алардын түйүндөрү | 1,8 | 1,3 | 1,0 | 1,38 | 1,27 | 1,75 |
| Медициналык жана фармацевтикалык дары-дармектер | 1,8 | 2,0 | 2,6 | 0,93 | 0,75 | 0,70 |
| Муздаткычтар, тоңдургучтар | 1,8 | 1,5 | 0,0 | 1,14 | 36,76 | 41,78 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор жана сузгуч жүктөгүчтөр | 1,7 | 0,2 | 0,1 | 9,59 | 1,27 | 12,15 |
| Маргарин жана жуурулган май | 1,7 | 1,3 | 2,2 | 1,25 | 0,59 | 0,74 |
| Түс өзгөртүүчү жана ийлөөчү заттар, боектор | 1,5 | 1,1 | 1,3 | 1,46 | 0,83 | 1,21 |
| Аялдар ж-а кыздар ү-н шымдар, комб., бриджалар ж-а чолок шымдар | 1,5 | 1,4 | 1,3 | 1,12 | 1,07 | 1,20 |
| Май жана сырдан тышкары сүт жана сүт азыктары | 1,5 | 1,5 | 1,7 | 1,04 | 0,85 | 0,89 |
| Гончардык буюмдар | 1,5 | 1,2 | 2,3 | 1,24 | 0,53 | 0,65 |
| Токулган же түйүлгөн кофталар, пуловерлер жана кардигандар | 1,5 | 1,3 | 1,4 | 1,10 | 0,93 | 1,03 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **310,5** | **260,9** | **263,3** | **1,19** | **0,99** | **1,18** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | *74%* | | *66%* | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **417,1** | | **401,5** | | | |

УСКнын СИФ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада импорттун баштапкы 45 ири статьясы келтирилген
n- товардын импортунун физикалык көлөмү
p-товардын эсептешүү импорттук баасы

**4-таблица. Баалардын индекси жана экспорттун 2010-жылдын январь-февраль айлары үчүн физикалык көлөмүнүн индекси**

| *Товардын аталышы* | *2010-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n10*p10* | *2010-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n10*p09* | *2009-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n09*p09* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | **A** | **B** | **C** | **A/B** | **B/C** | **A/C** |
| Монетардык эмес алтын | 142,6 | 107,9 | 26,7 | 1,32 | 4,05 | 5,35 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 29,9 | 46,9 | 33,9 | 0,64 | 1,38 | 0,88 |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 13,2 | 13,4 | 24,1 | 0,99 | 0,56 | 0,55 |
| Жашылча-жемиштер | 6,6 | 7,9 | 7,0 | 0,84 | 1,12 | 0,94 |
| Май жана сырдан тышкары сүт жана сүт азыктары | 3,6 | 4,9 | 2,4 | 0,72 | 2,08 | 1,50 |
| Ысытуу лампалары | 3,1 | 3,4 | 1,4 | 0,91 | 2,48 | 2,27 |
| Блузкалар, кофталар жана кофта-блузкалар | 3,0 | 2,9 | 2,4 | 1,05 | 1,19 | 1,25 |
| Пахта | 1,9 | 1,9 | 4,0 | 1,00 | 0,46 | 0,46 |
| Аялдар же кыздар үчүн токулган же түйүлгөн кийимдер | 1,7 | 2,9 | 0,1 | 0,59 | 20,25 | 11,91 |
| Көйнөктөр | 1,6 | 1,2 | 0,6 | 1,27 | 2,01 | 2,55 |
| Иштетиле элек тамеки; тамеки калдыктары | 1,4 | 1,6 | 1,6 | 0,93 | 0,99 | 0,92 |
| Аялдар ж-а кыздар ү-н шымдар, комб., бриджалар ж-а чолок шымдар | 1,3 | 1,3 | 0,7 | 1,01 | 1,97 | 1,98 |
| Түйүлгөн жана токулган байпактар | 1,2 | 1,1 | 0,1 | 1,07 | 12,59 | 13,42 |
| Сыр жана быштак | 1,0 | 1,5 | 1,3 | 0,71 | 1,15 | 0,82 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 0,8 | 0,8 | 0,8 | 0,96 | 1,02 | 0,98 |
| Юбкалар жана юбка-шымдар | 0,8 | 0,8 | 0,5 | 0,92 | 1,55 | 1,42 |
| Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автомобилдер | 0,7 | 0,2 | 0,4 | 4,03 | 0,40 | 1,61 |
| Эркектер ж-а балдар ү-н шымдар, комб., бриджалар ж-а чолок шымдар | 0,7 | 0,6 | 0,3 | 1,09 | 1,84 | 2,01 |
| Тирүү малдар | 0,7 | 1,0 | 0,6 | 0,64 | 1,67 | 1,07 |
| Кант кошулган мин. суулар жана алкоголсуз суусундуктар | 0,6 | 1,5 | 0,4 | 0,41 | 3,73 | 1,54 |
| Май жана башка тоң майлар жана сүттөн алынган май | 0,6 | 1,0 | 0,2 | 0,57 | 4,46 | 2,53 |
| Пальтолор, кыска пальтолор, жамынгычтар жана плащтар | 0,5 | 0,5 | 0,3 | 1,15 | 1,68 | 1,93 |
| Коргошун | 0,5 | 0,3 | 0,0 | 1,67 | 21,55 | 36,02 |
| Таш, кум жана шагыл | 0,5 | 0,5 | 0,5 | 1,03 | 0,91 | 0,93 |
| Металл сыныктары жана кара металл калдыктары | 0,5 | 0,5 | 0,4 | 0,92 | 1,12 | 1,04 |
| Муздаткычтар жана тоңдургучтар | 0,5 | 0,6 | 0,3 | 0,72 | 1,97 | 1,41 |
| Кол жана машина менен иштетилүүчү инструменттер | 0,4 | 0,1 | 0,2 | 6,09 | 0,40 | 2,42 |
| Күрүч | 0,4 | 0,3 | 0,1 | 1,16 | 4,78 | 5,57 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 0,4 | 2,0 | 0,6 | 0,20 | 3,20 | 0,65 |
| Күмүш | 0,4 | 0,2 | 0,0 | 2,21 | 4,74 | 10,50 |
| Металл сыныктары ж-а баалуулукка жатп. түстүү металл калдыктары | 0,4 | 1,3 | 0,0 | 0,28 | 43,66 | 12,39 |
| Башка категорияга кирбеген тамак-аш азыктары жана препараттар | 0,4 | 0,3 | 0,3 | 1,13 | 1,18 | 1,34 |
| Текстиль материалдарынан кездемелер | 0,4 | 0,4 | 0,1 | 0,91 | 7,64 | 6,93 |
| Дан азыктарынан, ундан жана крахмалдан жасалган азыктар | 0,3 | 0,4 | 0,3 | 0,79 | 1,24 | 0,98 |
| Кант, кант кошулган азыктар жана бал | 0,3 | 2,5 | 0,0 | 0,12 | 99,60 | 11,47 |
| Жана башка минералдык чийки заттар | 0,3 | 0,0 | 0,1 | 24,14 | 0,10 | 2,35 |
| Май алынуучу өсүмдүк уруктары жана мөмөлөр | 0,2 | 0,8 | 0,0 | 0,29 | 62,86 | 18,25 |
| Башка катег. кирбеген, баалуулукка жатп. металлдардан жас. буюмдар | 0,2 | 0,1 | 0,4 | 1,74 | 0,31 | 0,54 |
| Малдын жүнү | 0,2 | 1,3 | 0,1 | 0,16 | 19,41 | 3,14 |
| Текстиль материалдарынан жасалган бут кийим | 0,2 | 0,2 | 0,5 | 1,31 | 0,32 | 0,42 |
| Электр трансформаторлору | 0,2 | 0,3 | 0,1 | 0,72 | 1,92 | 1,37 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | 0,2 | 0,2 | 0,3 | 1,02 | 0,66 | 0,67 |
| Синтетикалык материалдан жасалган бут кийим | 0,2 | 0,2 | 0,0 | 0,92 | 6,11 | 5,62 |
| Эр адамдар үчүн костюмдар | 0,2 | 0,1 | 0,1 | 1,39 | 1,36 | 1,89 |
| Шейшептер, кол аарчыгычтар жана сүлгүлөр | 0,2 | 0,2 | 0,1 | 0,96 | 2,59 | 2,48 |
| Жеңил авт-р, эл ташуу үчүн каралган транспорт каражаттары | 0,2 | 0,1 | 0,2 | 1,22 | 0,88 | 1,07 |
| Бодо мал терилеринен булгаарылар | 0,2 | 0,2 | 0,2 | 0,94 | 1,02 | 0,97 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **225,2** | **218,3** | **114,9** | **1,03** | **1,90** | **1,96** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***93%*** | | ***89%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **241,8** | | **128,7** | | | |

УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада экспорттун баштапкы 47 ири статьясы келтирилген

n- товардын экспортунун физикалык көлөмү

p-товардын эсептешүү экспорттук баасы

## Глоссарий

**Базалык инфляция** - баанын кыска мөөнөттүү, структуралык жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган инфляция тренди катары аныкталат. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн (начар түшүмдүн алынышы, КММ рыногунда баа таасири, газга жана электрэнергиясына ж.б. тарифтердин административдик өзгөртүлүшү сыяктуу) сезондук же тышкы факторлор менен шартталган, товарларга баанын өсүшү алынып салынат. Улуттук банк базалык инфляция динамикасын жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептейт. Бул ыкма КБИден аларга белгиленген баа ар кандай таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Адатта, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялары жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

**Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казна векселдери** – бул, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк алдындагы карызын кайра тариздөөнүн натыйжасында, Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 айлык купондук баалуу кагаздар. Бул баалуу кагаздарды калыбына келтирүү төмөнкүчө: Улуттук банктын портфелиндеги МКВ(ж) лардын төлөө күнү Финансы министрлиги төлөө менен бирге эле төлөнгөн баалуу кагаздардын санына барабар санда МКВ(ж)лардын жаңы санын чыгарат.

**Мамлекеттик казна векселдери** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук баалуу кагаздары. Финансы министрлиги МКВлардын эмитенти болуп саналат. МКВларды жайгаштыруу Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу жума сайын ишке ашырылат. Аукциондорго катышуу укугуна тике катышуучулар ээ (Улуттук банк менен келишим түзүшкөн алгачкы дилерлер, финансы-кредиттик мекемелер). Юридикалык жактар сыяктуу эле, жеке адамдар дагы Кыргыз Республикасынын МКВларынын ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВлар рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВлардын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын электрондук соода системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал алгачкы дилерлерге жана алардын кардарларына МКВларды өз жумуш ордуларынан сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Мамлекеттик казна облигациялары** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайыздык кирешеси (купон) жана жүгүртүү мөөнөтү 1 жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар. Финансы министрлиги МКОнун эмитенти болуп саналат. Улуттук банк, МКОнун чыгарылыштарын тейлөө боюнча Генералдык агенттик болуп саналат.

**Акча базасы** – жүгүртүүдөгү акча + финансы мекемелеринин Улуттук банктагы улуттук жана чет өлкө валютасындагы депозиттери.

**Акча топтому** – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: M0; M1; M2; M2X.
**M0** – банктардан тышкаркы акча.
**M1** – M0 + талап боюнча төлөнүүчү улуттук валютадагы депозиттер.
**M2** – M1 + улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.
**M2X** – M2 + чөт өлкө валютасындагы депозиттер.

**Жүгүртүүдөгү акча** – Улуттук банктын кассасындагы нак акчаларды эсептеп алып салуу менен жүгүртүүгө чыгарылган акча.

**Ички дүң продукциянын дефлятору** – бул, экономикадагы баалардын өсүшү эсебинен ИДПдагы өзгөрүүлөрдү мүнөздөгөн экономика тармактарынын бааларынын жыйынтыктап алынган индекси. ИДПнын дефлятору, өтүп жаткан жылдын баасындагы номиналдык ИДПнын, өткөн жылдын баасындагы ИДПнын өлчөмүнө карата катышы катары эсептелинет.

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси** – жергиликтүү өндүрүүчүлөрдүн өз продукциялары үчүн алынган сатуу баасындагы орточо өзгөрүүлөрдү өлчөйт. КБИ эсептөөлөрүндө колдонулган маалыматтар экономиканын өндүрүш секторунун дээрлик ар бир тармагынын ишин чагылдырган 148 ишканадан алынат. Бул ишканалардын тизмесине тиешелүү регионго мүнөздүү болгон жана менчигинин түрүнө карабастан ошол өнөр-жай тармагы үчүн типтүү болгон ишканалар камтылат.

**Инфляция** экономикада керектөө баасынын жалпы деңгээлинин жогорулоосун түшүндүрөт. Инфляция деңгээлине сандык баа берүү үчүн керектөө баасынын индекси (КБИ) колдонулат. КБИ, калайык-калк тарабынан өндүрүштүк эмес керектөөлөрү үчүн сатылып алынган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа деңгээлинин өзгөрүүсүн чагылдырат. Индексти эсептөөдө тандалып алынган 342 товардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуу баасы колдонулат, тандалып алынгандардын өлчөмү 7 шаардык жана 2 райондук борборлордогу соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 1496 ишканаларына айына 45 миң баага чейинкини түзөт.

**«Овернайт» кредити** улуттук валютада күрөөлүк камсыздоо алдында, банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн бир күнгө берилет. Күрөөлүк камсыздоо катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылган, «овернайт» кредити берилген күндөн тартып 12 айга чейинки төлөө мөөнөтүнө ээ, мамлекеттик баалуу кагаздары кабыл алынат. Алар боюнча пайыздык чен Улуттук банктын эсептик ченинен 1,2 өлчөмүндө белгиленет. Бул кредит коммерциялык банктын демилгеси боюнча берилип турат.

**Финансылык эмес активдер** экономикалык активдердин төмөнкү категорияларын өзүндө камтыйт: негизги фондулар, материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастары, баалуулуктар жана өндүрүлбөгөн активдер (табигый жана материалдык эмес).

**Ноталар** – бул, Улуттук банк тарабынан 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мөөнөткө жумалык аукциондордо жүгүртүүгө чыгарылган мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар. Алардын кирешелүүлүгү коммерциялык банктардын талабы жана сунушуна жараша аныкталат. Банк тутумунан улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү алып салуу, ноталардын аукциондорун өткөрүү максаты болуп саналат.

**Улуттук банктын репо операциялары** – бул, мамлекеттик баалуу кагаздарды келечекте белгиленген күнү жана алдын-ала макулдашылган баада кайта сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу (тике репо)/ сатуу (кайтарым репо) операциясы.

**Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары** – бул, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларды кошпогондо, мамлекеттик башкаруу секторунун активдеринин таза наркынын азайышына алып келген бардык операциялар.

**Своп операциялары** – бул, улуттук валютадагы акча каражаттарын чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммага алмашуу же тескерисинче алдын-ала макулдашылган шарттарда негизги суммаларды жана чегерилген пайыздарды кайта алмашуу милдеттенмеси менен ишке ашырылган операциялар.

**Спот** – бул, товарларды дароо өткөрүп берүү шарттарында, аларды сатып алуу-сатуунун биржалык келишими.

**Калайык-калктын акчалай кирешелеринин квинтилдик топтор боюнча түзүмү** калктын кирешелеринин өлчөмү боюнча, алардын ар бири калктын 20 пайызынан турган 5 (квинтилдик) топтор боюнча дифференциацияланышын чагылдырат. Калктын кирешелерин дифференциациялоону аныктоонун мындай ыкмасы, калктын жалпы санын мисалы, коомдун жалпы кирешесин кирешеси көбүрөөк же аз кирешелүү топторго кирген калктын үлүшүнө бөлө алгандай негизде, беш бирдей топко бөлүүнү болжолдойт.

**Фьючерс** (фьючерстик контракт) – бул, кайсы бир активди белгилүү бир көлөмдө, белгиленген мезгил аралыгында бүгүн макулдашылган баада сатып алуу-сатуу жөнүндөгү келишим. Фьючерстик контракты түзүү учурунда эки тарап катышат: сатып алуучу жана сатуучу. Сатып алуучу активди мурда макулдашылган мөөнөттө сатып алууга, ал эми сатуучу ушул эле мөөнөттө сатууга милдеттенет.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| ИДП | Ички дүң продукция |
| ДКН | Дүң кошумча нарк |
| МКВ | Мамлекеттик казна векселдери |
| МКВ (ж) | Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казна векселдери |
| МКО | Мамлекеттик казна облигациялары |
| КММ | Күйүүчү-майлоочу материалдар |
| МБК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы |
| КБИ | Керектөө бааларынын индекси |
| КДКР | Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитет |
| ӨБИ | Өндүрүүчүлөрдүн баа индекси |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| Улуттук банк | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| ҮЧТКУ | Үй чарбасын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредиттик мекеме |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| ОПЕК | Мунайды экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму |
| СИФ | Импортердун чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| КМШ | Көз карандысыз Мамлекеттер шериктештиги |
| АКШ | Америка Кошмо Штаты |
| СФРБ | Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду |
| ФОБ | Экспортер өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |